Кыргыз Республикасынын
Финансы Министрлиги

ARIS
АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

## УСУЛДУК КОЛДОНМО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРИН ТҮЗҮҮ ЖАНА АТКАРУУ

Бишкек – 2019

***КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИ***

***Өнүктүрүү саясат институту***
***Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо Агентствосу***

**УСУЛДУК КОЛДОНМО**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРИН ТҮЗҮҮ ЖАНА АТКАРУУ

**Бишкек – 2019**

УДК 36

ББК 65.9 (2 Ки) 261.3

А 13

*“Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу” Усулдук колдонмосу, Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) аткарган жана Швейцариянын Кызматташтык жана Өнүктүрүү Агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылаган “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун жана Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС) ишке ашырган Айылды инвестициялоо долбоорунун (АИД-3), Дүйнөлүк Банктын Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын каржылоосу менен даярдалды*

Усулдук колдонмо Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2019-жылдын 1-июлунда №76-П буйругу менен бекитилди.

Авторлору:

Абдыбекова Н. И. – Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо Агентствосунун Айылдарды инвестициялоо долбоорунун (АИД-3) дараметин жогорулатуу адиси.

Тюлюндиева Н. М. – Өнүктүрүү саясат институтунун “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун бюджеттер аралык мамилелер боюнча адиси.

Мамытов А. Т. – Өнүктүрүү саясат институтунун “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун муниципалдык финансылар боюнча адиси.

Авторлор Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин кызматкерлери: Садырбаев Русланга, Нурунбетов Сыймыкка, Тыныбекова Лилиянага, Акматова Мерседеге, Дуйшеева Жибекке, Мусаев Мирланга жана Касымов Болотко усулдук колдонмону даярдоодо көрсөткөн көмөгүнө ыраазычылык билдирет.

А 13 Абдыбекова Н. И. ж.б.. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу: Усулдук колдонмо / Н. И. Абдыбекова, Н. М. Тюлюндиева, А. Т. Мамытов. – Б.: 2019. – 78 б.

ISBN 978-9967-9153-8-1

А 0605010204-19 УДК 336

ISBN 978-9967-9153-8-1 ББК 65.9 (2 Ки) 261.3

© Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлиги
© Өнүктүрүү саясат институту
© Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИ**

# БУЙРУК

**Бишкек шаары**

01 июля 2019 ж. № 76-б

**“Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджеттерин түзүү жана аткаруу” методикалык колдонмосун бекитүү жөнүндө**

Жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына методикалык жардам көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 71-беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы № 114 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө жобонун 8-пунктуна ылайык,

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджеттерин түзүү жана аткаруу” методикалык колдонмосу тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда бул методикалык колдонмону жетекчиликке алуу сунушталсын.
3. Иш кагаздарын жүргүзүү жана документтерди электрондук жүгүртүү бөлүмү (Исраилова А.О.) бул буйрукту Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык башкармалыктарына билдирсин.
4. Коомчулук менен байланышуу сектору (Туголбаева Г.Т.) бул буйрукту Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин расмий сайтына жарыяласын.
5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары А.К.Азимовго жүктөлсүн.

**Министр** **Б.Ж.Жеенбаева**

022229

# МАЗМУНУ


**Киришүү** ..... **5**

**1.БЮДЖЕТТЕР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР** ..... **5**

1.1.Бюджеттер аралык мамилелер системасы ..... 5

1.2.Бюджеттер аралык мамилелерди жөнгө салган негизги мыйзам-укук актылары ..... 7

1.3.Бюджеттер аралык жөнгө салуунун негизги принциптери, максаттары ..... 8

**2.КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРИН ТҮЗҮҮ ЖАНА АТКАРУУ ПРИНЦИПТЕРИ** . **8**

2.1.Бюджеттик системанын бирдиктүүлүк принциби ..... 8

2.2.Жергиликтүү бюджеттердин өз алдынчалуулук принциби ..... 9

2.3. Натыйжалуулук жана майнаптуулук принциби ..... 9

2.4.Жергиликтүү бюджеттин баланстуулук принциби ..... 9

2.5.Артыкчылыктуулук принциби ..... 9

2.6. Айкындуулук принциби ..... 9

2.7. Толуктук принциби ..... 10

2.8. Ырааттуулук принциби ..... 10

2.9. Жоопкерчилик принциби ..... 10

**3.БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕСС.** ..... **10**

3.1. Бюджеттик процесс ..... 10

3.2. Календардык план ..... 10

3.3. Жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүүнүн тартиби жана мөөнөтү ..... 11

3.4. Жергиликтүү бюджеттерди кароо жана бекитүү ..... 12

3.5. Жергиликтүү бюджеттерди аткаруу ..... 14

3.6. Жергиликтүү бюджетти аткаруу жөнүндө отчетторду түзүү жана бекитүү ..... 16

3.7. Эсеп жана отчеттуулук ..... 16

3.8. Жергиликтүү бюджеттердин киреше жана чыгашаларын тактоонун тартиби ..... 17

**4.ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРДИН КИРЕШЕ БӨЛҮГҮН ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ** ..... **17**

4.1.Салыктык кирешелер ..... 18

4.2.Жергиликтүү бюджеттердин салык эмес кирешелери ..... 19

4.3.Жергиликтүү бюджеттин кирешелерин түзүү үчүн экономикалык индикаторлорго баа берүү ..... 20

4.4.Жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин болжолдоонун ыкмалары ..... 25

4.5.ЖӨБ органдарынын жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн түзүү боюнча ыйгарым укуктары ..... 47

4.6.Жергиликтүү кеңештердин кирешелерин түзүүнүн принциптери ..... 48

**5.КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ТРАНСФЕРТТЕР СИСТЕМАСЫ** ..... **48**

5.1. Бюджеттер аралык трансферттер ..... 48

5.2. Теңдештирүүчү трансферттер ..... 48

5.3. Максаттуу трансферттер ..... 50

**6.ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРДИН ЧЫГАША БӨЛҮГҮН ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ** ..... **51**

6.1. Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасындагы чыгашалык милдеттенмелердин структурасы ... 51

6.2 Жергиликтүү функциялар – ЖӨБ органдарынын чыгашалык милдеттенмелери ..... 51

6.3. ЖӨБ органдарынын чыгашалык ыйгарым укуктар боюнча укуктары ..... 53

6.4. Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн пландаштыруу ..... 54

**7.ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕР БОЮНЧА КООМДУК УГУУЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА КОЛДОНМО** ..... **62**

**Тиркеме 1** ..... **65**

**Тиркеме 2** ..... **72**

**Тиркеме 3** ..... **79**

**Тиркеме 4** ..... **81**

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын өнүгүү приоритеттеринин бири мамлекеттик бийликти децентралдаштыруу жана өлкөнүн башкаруу системасын жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтун өнүктүрүү аркылуу реформалоо.

Акыркы жылдарда жергиликтүү өз алдынча башкарууну реформалоодо белгилүү бир ийгиликтерге жетишилди: Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси (мындан кийин Бюджеттик кодекс) кабыл алынды, жергиликтүү бийликти институтташтыруу жүргүзүлдү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык базасы аныкталды, финансылык децентралдаштыруу боюнча реформа жүргүзүлүп жатат.

Кайра түзүүлөрдүн натыйжалуугу жергиликтүү бийликтин дараметине жана калкка сапаттуу кызмат көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө тикелей байланыштуу болот, мунун өзү жергиликтүү деңгээлде финансылык ресурстарды натыйжалуу башкаруу менен өз ара байланышта болот.

Бюджетти өз алдынча түзүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (мындан кийин ЖӨБ органдары) бюджеттик маселелердеги өз алдынчалуукту жогорку деңгээлин берет. Берилген укукту аткаруу системасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринен, финансылык кызматкерлерден финансылык ресурстарды башкаруу маселелери боюнча билимдердин жетиштүү деңгээлин талап кылат.

Муну менен бирге, өз алдынча башкаруунун башкы аспектилери болгон бюджеттик-каржылык чөйрө, аймактын каржылык жана экономикалык ресурстарын натыйжалуу башкарууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу жана милдети жеринде белгилүү кыйынчылыктарды туудурат. Баарыдан мурда, аталган кыйынчылыктар, маалыматтын, билимдин жана ыктардын жетишсиздигинен келип чыгып, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткарууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилген нормалар менен процедуралардын туура эмес колдонулушуна таасир тийгизет. Андан тышкаары, тез өнүгүп жаткан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жергиликтүү адистердин билимдерин тиешелүү түрдө туруктуу жаңылап туруусун талап кылат.

Ушул Усулдук колдонмо Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин жоболорун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2017-жылдын 25-августунда № 1836-V токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “2018-2023-жылдарга жаны доорго – кырк кадам” программасын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 10-мартындагы №116 токтому менен бекитилген “Бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү концепциясын эске алуу менен иштелип чыкты.

# 1.БЮДЖЕТТЕР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

## 1.1. Бюджеттер аралык мамилелер системасы

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси 2016-жылы кабыл алынды. Кодексти кабыл алуунун максаты бюджетти даярдоо жана аткаруудагы анык жол-жоболорду, негизги бюджеттик принциптерди бекитүү, бюджеттер аралык өз ара мамилелени аныктоо, түзүү процессинде башкаруу органдарынын түрдүү жоопкерчиликтери жана ролу, бюджетти бекитүү жана аткаруу, карама-каршы жана ар башка маанилердин пайда болушун жоюу, толук кандуу бюджеттик мамилелерди түзүүнү камсыздоо, бюджеттер аралык мамилелер системасын кошуп алганда бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдаланууну жогорулатуу жана финансылык агымдарды өнүгүү максаттарына багыттоо болуп саналат.

Мында бюджеттер аралык мамилелердин натыйжалуулугу төмөнкү максаттарга жооп берүүсү зарыл:

- мамлекеттик түзүлүштүн жана өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн сактоо, жалпы жарандык коомдун өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү;
- жашоо деңгээлди көтөрүү, социалдык коргоону жана өлкөнүн бардык аймактарындагы калктын коомдук кызматтарга жана социалдык кепилдиктерге бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;
- өлкөдө жана анын айрым аймактарында салыктык жана ресурстук потенциалды оптималдуу пайдаланууну менен туруктуу экономикалык өнүгүүнү камсыздоо;
- аймактык денгээлде коюлган максат жана маселелерди республиканын экономикалык өнүгүү максаттарына жана маселелерине байланыштыруу.

Бюджеттер аралык мамилелердин жаңы системасы республикалык бюджет менен жергиликтүү бюджеттердин түз иштөөсүн караган жана жалпы саны 484 болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары 4 топко бөлүнгөн:

- Республикалык маанидеги шаарлар – 2;
- Облустук маанидеги шаарлар – 12;
- Райондук маанидеги шаарлар – 17;
- Айыл өкмөттөрү – 453;

Кыргыз республикасынын Финансы министрлиги жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу боюнча өз ара мамилелерди шаарлардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен түз, жана айылдык аймактардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен аймактык (райондук) бөлүмдөрү аркылуу жүргүзөт.

**Жергиликтүү бюджет** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары түзгөн, бекиткен жана аткарган, айылдын, шаардын жергиликтүү коомчулуктарынын бюджети. (Бюджеттик кодексинин 13-беренеси).

Бюджеттер аралык мамиелелер деген эмне? Бул бюджеттик системанын деңгээлдеринин ортосундагы мамилелер жана ал буларды камтуусу зарыл:

- башкаруунун деңгээлдеринин ортосундагы чыгашалык ыйгарым укуктарды так чектөөнү;
- жеке киреше булактарын бюджеттердин ар кандай деңгээлдерине бекитип берүүнү;
- башка деңгээлдеги бюджеттин кирешелерин жөнгө салуу максатында ага жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүнү;
- трансферттик саясатты;
- финансылык ресурстарды займга алуу укугун мыйзам ченемдүү бекемдөөнү.




## 1.2. Бюджеттер аралык мамилелерди жөнгө салган негизги мыйзам-укук актылары

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;.
- Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 16-июнундагы № 321 токтому менен бекитилген Теңдештирүүчү трансферттеринин көлөмдөрүн аныктоо тартиби;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги № 230 Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө жобо жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускама;
- Кыргыз Республикасынын «Тиешелүү жылга республикалык бюджет жөнүндө” мыйзамы.

## 1.3. Бюджеттер аралык жөнгө салуунун негизги принциптери, максаттары

Жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө бюджеттер аралык жөнгө салуунун төмөндөгү принциптери негиз катары кабыл алынган:

- Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасындагы ар бир бюджетке мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларына жана ыйгарым укуктарына ылайык, кирешелерди бөлүштүрүү жана бекитип берүү принциби;
- бюджеттин деңгээлдеринин ортосунда жалпы мамлекеттик кирешелердин чегерүү ченемдерин узак мөөнөткө 5 жылдан кем эмес негизде бекитип берүү принциби;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдүн киргизилишинен улам кирешелерди жоготуу же бюджеттин кошумча чыгымдарын кайтарып берүү принциби.

Бюджеттик камсыздуулукту теңдөө ЖӨБ органдарынын киреше потенциалын жогорулатуу стимулун сактоону эске алуу менен жүргүзүлөт.

Республикалык бюджеттен теңдештирүүчү трансферттерди эсептөөнүн формуласы бюджеттик пландаштыруу процессинде пайдалануу жана жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн ар кандай варианттарын, ошондой эле жергиликтүү бюджеттерге финансылык жардамды бөлүштүрүүнүн ар кандай варианттарын колдонуунун натыйжасында жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик камсыздалышын эсептөө үчүн арналган.

Азыркы мезгилде, **бюджеттер аралык мамилелердеги мамлекеттин бюджеттик саясатынын башкы максаттары болуп:**

- ЖӨБ органдарын жергиликтүү маанидеги маселелерди жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды чечүү үчүн финансылык мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу;
- жергиликтүү деңгээлде аймактык бюджеттик саясаттагы приоритетүү маселелерди чечүү шарттарды түзүү;
- жергиликтүү деңгээлде бюджеттик кызмат көрсөтүүдө мамлекеттик кепилдиктер менен камсыз кылуу.

# 2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРИН ТҮЗҮҮ ЖАНА АТКАРУУ ПРИНЦИПТЕРИ

## 2.1. Бюджеттик системанын бирдиктүүлүк принциби

Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын, мамлекеттик жана ЖӨБ органдарынын бирдиктүү бюджеттик-финансылык саясатты жүргүзүүсүнүн, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын уюштуруучулук негиздеринин, бюджеттик документациялардын формаларынын, бюджеттик процесстин принциптеринин, бюджеттик мыйзамдарды бузгандыгы үчүн санкциялардын, чыгымдык милдеттенмелердин бекитүү жана аткаруудагы тартиптин, бухгалтердик эсеп жана отчеттулукту жүргүзүүдөгү биримдиктерин билдирет.

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери жана чыгашалары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 21-декабрь 2017-жылдагы № 161-б «Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясынын жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө» буйругуна ылайык келүүсү зарыл.

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери жана чыгашалары классификациялоо жана эсепке алуу максатында ар бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына 1-Тиркемеге ылайык уникалдуу сандык код ыйгарылат.

## 2.2. Жергиликтүү бюджеттердин өз алдынчалуулук принциби

1) тиешелүү бюджеттерге кирешелердин өздүк булактарын туруктуу негизде бекитип берүүнү;

2) бюджеттер аралык максаттуу трансферттерди кошпогондо, мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын Кыргыз Республикасынын бюджет мыйзамдарына ылайык каражаттарды пайдалануунун багыттарын өз алдынча аныктоого укугун;

3) мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын бюджеттердин теңдештүүлүгүн жана бюджеттик каражаттарды пайдалануунун майнаптуулугун өз алдынча камсыз кылууга укуктарын жана милдеттерин.

ЖӨБ органдары жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү жана аларга жеңилдиктерди бекитүү укугуна ээ, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, алардын ченин жөнгө сала алат.

## 2.3. Натыйжалуулук жана майнаптуулук принциби

Натыйжалуулук жана майнаптуулук принциби бюджеттердин түзүлүшү жана аткарылышы алдыдагы мезгилге каралган максаттарга каражаттардын минималдуу көлөмүн тартуу менен жетишүү же тескөөсүндө болгон бюджеттик каражаттарды пайдалануу менен максималдуу натыйжаларга жетишүү зарылдыгынан жүзөгө ашырыла тургандыгын билдирет.

## 2.4. Жергиликтүү бюджеттин баланстуулук принциби

Жергиликтүү бюджеттерди бекитүү жана аткаруу баланстуулук принцибинин негизинде жүргүзүлөт, мында каралган чыгымдардын көлөмү бюджеттин кирешелеринин суммардык көлөмүнө ылайык келүүгө тийиш.

Бюджеттик жыл ичинде ЖӨБ органдары өз бюджеттеринин балансын камсыздоого тийиш.

## 2.5. Артыкчылыктуулук принциби

Артыкчылыктуулук принциби бюджеттерди Кыргыз Республикасынын жана анын региондорунун социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына ылайык бюджеттерди түзүүнү билдирет.

## 2.6. Айкындуулук принциби

Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын бекитилген (такталган, оңдолгон) бюджет жана аткарылышы тууралуу отчеттордун, тиешелүү аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү болжолдорунун көрсөткүчтөрү, бюджеттин кирешелерини жана чыгашаларынын болжолдуу көрсөткүчтөрүнүн эсептөөлөрү, мамлекеттик жана мыйзамда корголгон сырлардан башкасы милдеттүү түрдө жарыяланышы тийиш. Жергиликтүү бюджеттин долбоорлору жана анын аткарылышы тууралуу отчеттор боюнча чечимдерди кабыл алуу жана карап чыгуу жол жоболору милдеттүү түрдө ачык болуп, массалык маалымат каражаттарына жарыялоо дегенди билдирет.

## 2.7. Толуктук принциби

Толуктук принциби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык

кирешелерди жана чыгашаларды бюджеттерде толук көлөмдө жана милдеттүү тартипте чагылдырууну билдирет.

### 2.8. Ырааттуулук принциби

Ырааттуулук принциби мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары тарабынан бирдиктүү фискалдык саясатты жүргүзүүнү жана бюджеттик укук мамилелери чөйрөсүндө мурда кабыл алынган чечимдерди сактоону билдирет.

### 2.9. Жоопкерчилик принциби

Бюджеттик мыйзамдарды бузгандыгы үчүн бюджет процессинин катышуучуларынын жоопкерчилиги принциби өзүнүн иш-аракеттери, аныкталган каржылык маалыматтарга, кайтарымдуу жана кайтарымсыз негизде бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалангандыгы, өз учурунда кириштебегендиги жана которбогондугу үчүн бюджеттик процесстин ар бир катышуучусунун жоопкерчилигин карайт.

## 3. БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕСС

### 3.1. Бюджеттик процесс

Бюджеттик процесс – бул мамлекеттик бийлик органдарынын, ЖӨБ органдарынын жана башка бюджеттик процесстин катышуучуларынын бюджет долбоорлорун түзүү жана кароо, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди бекитүү жана аткаруу, ошондой эле алардын аткарылышын көзөмөлдөө,

Кыргыз Республикасынын бюджеттик процесси төмөндөгүдөй этаптардан турат:

- бюджеттин долбоорун түзүү;
- бюджеттин долбоорун кароо;
- бюджетти бекитүү;
- бюджетти аткаруу;
- бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчету түзүү жана бекитүү.

### 3.2. Календардык план

Кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонгон мезгилге жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору Өкмөт тарабынан бекитилген республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн календардык планын эске алуу, ушул Кодекстин талаптарын сактоо менен тиешелүү жергиликтүү кеңештер белгилеген тартипке жана мөөнөттөргө ылайык түзүлөт.

### 3.3. Жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүүнүн тартиби жана мөөнөтү

Жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү жана жергиликтүү бюджетти аткаруу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы (айыл өкмөтү/мэрия) жүргүзөт. Жергиликтүү бюджет жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилет.

Жергиликтүү бюджет киреше жана чыгашадан турат:

- жергиликтүү бюджеттин кирешелери – Кыргыз Республикасынын мыйзамда-

рына ылайык, ЖӨБ органдарынын жергиликтүү бюджеттерине келип түшкөн, жергиликтүү салыктар жана жыйымдар, салыктык эмес төлөмдөр, республикалык деңгээлде бөлүнгөн кирешелер, трансферттер жана ыктыярдуу салымдар.

- жергиликтүү бюджеттин чыгашалары - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана маселелерин каржылык камсыздоого багытталган, аппараты кармоого чыгымдарды, турак жай коммуналдык кызматтарды, муниципалдык менчикти күтүүнү жана башка чыгымдарды эсепке алуу менен жумшалган акча каражаты.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 15-июлунан **кечиктирбестен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкүлөрдү жиберет**:

1) бюджеттик процесстин календардык планын;

2) жергиликтүү бюджеттерди түзүү боюнча усулдук сунуштамаларды;

3) жалпы мамлекеттик кирешелердин суммасынын болжолун;

4) жалпы мамлекеттик кирешелерден жергиликтүү бюджеттерге чегерүүлөрдүн болжолдуу ченемдерин;

5) бюджеттер аралык трансферттердин көлөмүн.

Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору алдыдагы жылдын фактылык көрсөткүчтөрү менен (ошол күнгө) жана учурдагы жылдын болжолдонгон кирешелери (кирешении өсүш динамикасы) жана чыгашалары (чыгашалардын өсүү арымы) менен өткөн жылдын фактылык киреше жана чыгашалары менен салыштырууга боло тургандай түзүлөт. Келээрки финансы жылга сунушталган бюджеттеги бардык негизги өзгөрүүлөр бөлүнүп көрсөтүлүүгө тийиш.

Жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө жалпы мамлекеттик кирешелердин чегерүү ченемдери жана болжолдонгон трансферттердин көлөмдөрү, ошондой эле мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдөгү каржылык чыгымдардын ченемдери жана башка маалыматтар эсепке алынат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы жергиликтүү бюджеттин долбоорун макулдашууга жергиликтүү кеңештин бюджеттик комиссиясына берет. Жергиликтүү бюджетттин долбоору жергиликтүү кеңешке төмөндөгү түшүндүрмө жана коштомо маалыматтары менен берилет:

а) бекитилген социалдык-экономикалык өнүгүү Программасына ылайык, жергиликтүү жамааттын максаттары менен жергиликтүү бюджет долбоорунун дал келиши тууралуу түшүнүк берген жана учурдагы финансы жылы менен салыштырмалуу кирешелер жана чыгымдар боюнча негизги өзгөртүүлөрдү жана алардын себептерин көрсөткөн түшүндүрмө кат.

б) жалпы мамлекеттик салыктардын болжолу;

в) жалпы мамлекеттик салыктардын жергиликтүү бюджеттерге чегерүүлөрдүн ченемдери;

г) күтүлгөн теңдештирүүчү трансферттерди кошкондо, кирешелердин, ошондой эле активдер менен операцияны камтыган бюджеттик классификация форматына кирешелер бөлүгү;

д) максат, ресурстар так көрсөтүлгөн, ошондой эле натыйжаны, натыйжалуулукту жана максатка ылайыктуулукту өлчөө үчүн функционалдык жана экономикалык классификациялардын бөлүк, параграф жана статьялары боюнча чыгашалардын көлөмү.

Казыналыктын атайын эсебиндеги каражаттар бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүндө өзүнчө сап менен бөлүнүп берилгендиктен, сөзсүз берилген маалымат-

тардын толуктугун камсыз кылуу зарыл, атап айтканда, бюджетте кызмат көрсөтүүдөн же башка иш жүргүзүүдөн киреше алуучу бардык бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары боюнча киреше жана чыгаша көрсөткүчтөрү чагылдырылыщы зарыл.

Атайын каражаттардын жыйынтык сметасынын бөлүгүндө кирешелер боюнча операциялардын классификациялык структурасына ылайык көрсөтүлүүчү кызматтардын ачык-айкын түрү чагылдырылат (билим берүү чөйрөсүндө көрсөтүлгөн кызматтардан түшүүлөр, маданий-көңүл ачуу, оюн-зоок жана спорттук түрдөгү иш-аракеттерден, жана башка классификациялык эмес түшүүлөр).

Белгилей кетүүчү жагдай, киреше бөлүгүн түзүүдө бекитилип берилген салык эмес жыйымдар боюнча контролдук сандар сунуш катары эле берилет. ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттин өздүк кирешелери боюнча болжолдорду өз алдынча түзүү укугуна ээ.

## 3.4. Жергиликтүү бюджеттерди кароо жана бекитүү

Бюджеттик комиссия – бюджеттин долбоорун өз убагында жана сапаттуу түзүүнү, бюджетти тактоо жана аткаруу боюнча сунуштарды иштеп чыгууну камсыз кылуучу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын туруктуу комиссиясы.

Комиссиянын отуруму коомчулук үчүн ачык, Комиссиянын отурумуна баардык кызыккан жактар катышууга укуктуу. Эгер Комиссиянын отурумуна комиссия курамынын жарымынан көбү катышса, кабыл алынган чечим күчкө ээ. Комиссиянын чечими комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.

Комиссия жергиликтүү бюджеттин болжолдуу долбоорун кароо, коомдук бюджеттик угууларга түшкөн жергиликтүү жамаат мүчөлөрүнүн сунушун карайт, мындан тышкары айыл өкмөтүнүн (мэриянын) көз карашын эске алат, бюджеттик долбоор боюнча өзүнүн корутундусун даярдайт жана аны жергиликтүү кеңештин сессиясына сунуштайт.Жергиликтүү кеңештин сессиясы коомчулук үчүн ачык болууга милдетүү.

Жергиликтүү кеңеш сессияда жергиликтүү бюджеттин баштапкы долбоорун жергиликтүү жамааттын жана баардык кызыктар тараптардын сунуш-талаптарын эске алуу менен карайт жана бекитет (же оңдоого жөнөтөт).

Жергиликтүү кеңештин төрагасы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы жергиликтүү бюджеттин долбоорун сапаттуу жана өз убагында кароо үчүн мамлекеттик салык кызматынан, айыл өкмөтүнөн (мэриядан) жана юридикалык жактардан баардык маалыматтарды сурап алууга, ушул органдардын жетекчилерин өздөрүнүн отурумуна чакырууга жана угууга укуктуу.

Айыл өкмөтү (мэрия ) жергиликтүү кеңеш менен бюджеттин баштапкы долбоорун макулдашкандан кийин керектүү эсептер, коштомо жана түшүндүрмө маалыматтары менен КРнын Финансы министрлигине жөнөтөт. КРнын Бюджеттик кодексине ылайык жергиликтүү бюджеттин долбоору, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары түзөт жана жергиликтүү кеңеш менен макулдашат, кезектеги бюджеттик жылдын 1- сентябрынан кечиктирбестен КР ФМге жөнөтөт.

КР ФМ республикалык бюджет бекитилгенден кийин 10 күн ичинде ЖӨБ органдарына жалпы мамлекеттик кирешеден бөлүнгөн ченемдерди жана такталган көлөмдү, бюджет аралык трансферттердин өлчөмүн жөнөтөт. Айыл өкмөтү (мэрия) жергиликтүү бюджет боюнча такталган көрсөткүчтөрдү алгандан кийин жергиликтүү бюджет боюнча баштапкы долбоорун тактайт жана бекитүүгө жергиликтүү кеңешке сунуштайт.

Жергиликтүү бюджеттин такталган долбоору кезектеги бюджеттик жылдын 1-ноябрынан кечиктирбестен жергиликтүү кеңешке кароого жана бекитүүгө киргизет.

Жергиликтүү бюджеттин долбоору жергиликтүү кеңештин сессиясында ачык жана айкын каралат.

Алгач жергиликтүү кеңештин бюджеттик комиссиясы бюджеттин долбоорун болжолдуу кароодон өткөрөт жана жергиликтүү бюджеттин долбооруна киргизилген тактоолор боюнча айыл өкмөтүнүн (мэриянын) докладдын угат. Бюджеттик комиссия жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча өзүнүн корутундусун сунуштайт. Бюджеттик чыгашаларды көбөйтүү же анын кирешесин азайтуу жөнүндө бюджеттик комиссиянын чечими милдеттүү түрдө кошумча чыгашаны каржылоонун так булактары бекитилет.

Жергиликтүү кеңеш кезектеги бюджеттик жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун жана болжолдуу мезгилин, бюджеттик комиссиянын кортундусун жана жергиликтүү бюджеттин такталган долбоорун бекитүүнү (же кайра иштеп чыгууга жөнөтөт) карайт. Жергиликтүү бюджет республикалык бюджет бекитилгенден бир айдан кийинки убакыттан кечиктирилбей бекитилет. Жергиликтүү кеңеш төмөндөгү параметрлерди бекитет: кирешелер, чыгашалар, республикалык бюджеттен бөлүнгөн киреше, чыгаша, теңдөөчү трансферттердин өлчөмүн.

Бекитилген жергиликтүү бюджет бекитилгенден кийин Финансы министрлигине 1-январдан кечиктирилбестен жөнөтүлөт.

Жергиликтүү кеңештин жергиликтүү бюджетти тийиштүү жылга карата бекитүү жөнүндөгү токтомун, жана дагы бюджети аткаруу жөнүндөгү токтомун ченемдик укуктук актылар реестрине киргизүү жана массалык маалымат каражаттарында жарыялоого жана Мамлекеттик ченемдик укуктук актылар реестрга киргизилүүгө тийиш.

Жергиликтүү кеңештин токтомун каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 25-мартындагы № 184 токтому менен бекилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын ченемдик укуктук актыларын каттоону жүргүзүү тартиби жөнүндөгү бирдиктүү жобого ылайык жүргүзүлөт.

Ченемдик укуктук актыларын каттоону жүргүзөт:

- Шаардык кеңешке таандык токтомдор - шаардык кеңештин аппаратында;
- айылдык кеңешке таандык токтомдор – айыл өкмөтүнүн аппаратында.

Ченемдик укуктук актыларын каттоо ченемдик укук актыларын каттоо жөнүндө журналга төмөндөгү реквизиттерди көрсөтүп, жазып киргизүү менен жүргүзүлөт:

- актынын түрүн:
- аталышын;
- берилген ченемдик укук актынын жөнгө салуу предметин белгилөө;
- кабыл алынган жери жана датасы;
- каттоо номери.

Жергиликтүү кеңештин жергиликтүү бюджетти бекитүү жөнүндөгү токтому расмий булактарга жарыялангандан кийин Мамлекеттик ченемдик укуктук актылар реестрине киргизилет.

КРӨнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө токтомуна ылайык жергиликтүү кеңештин токтомун жарыялоонун расмий булагы болуп:

1. Жергиликтүү кеңеш аныктаган, басып чыгаруулардын арасында облустун, райондун, шаардын, айылдык аймактын аймагында көбүрөөк таратылган, бекитилген тартипте каттоодон өткөн тийиштүү басылмалар.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тийиштүү облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, же жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик органын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн расмий веб-сайттары саналат.

Ченемдик укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн токтомдун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинин (мындан кийин КР АДМ) тийиштүү аймактык бөлүмүнө (эки экземпляр), мамлекеттик жана расмий тилде, кагаз жана электрондук түрдө, жарыялоо булагын, тийиштүү токтомду жарыялоо күнүн көрсөтүү менен, жөнөтөт.

Бир гана кыргыз тилинде кабыл алынган жергиликтүү кеңештин жергиликтүү бюджетти бекитүү жөнүндөгү токтомунун көчүрмөсү, жергиликтүү кеңештин бир гана кыргыз тилинде кабыл алынганы жеткиликтүү экенин тастыктаган тийиштүү чечимин көрсөтүү менен жөнөтүлөт

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттерин кароо жана бекитүү ачык айкын жана жалпыга маалым түрдө ачык сессияларында жургузулөт. Жергиликтүү өз алдынча органдарынын бюджетти аткаруу жөнүндөгү токтомдору жана тийиштуу жылдын бюджети боюнча кенештин чечимдери массалык маалымат каражаттарында жарыялоого жатат. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 127-беренесине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же коомчулуктун тургундары үчүн бюджет боюнча бюджеттик угууларды өткөрөт.

## 3.5. Жергиликтүү бюджеттерди аткаруу

Жергиликтүү бюджеттерди аткаруу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары тарабынан КР ФМнын аймактык башкаруулары жана салык кызматынын органдары аркылуу 6екитилген бюджеттин негизинде тийиштүү кассалык планы жана киреше планына ылайык ишке ашырылат.

Бюджеттин чыгашасы бюджетти аткаруу процессин ишке ашырууда жергиликтүү кенештер бекиткен жана каралган чектүү өлчөмдөрүнөн ашпоого тийиш.

Бюджеттерди аткаруу процессинде бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчү (тескөөчү) чыгашалардын экономикалык классификациясынын беренелеринин ортосунда жалпы бюджеттик каражаттардын ассигнованиелеринин чектеринде башкы тескөөчү (тескөөчү, алуучу) боюнча каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө укуктуу.

Каржылык жылдын ичинде (КР ФМ менен макулдошуусуз) кайра бөлүштүрүлгөн каражаттардын жалпы көлөмү бюджеттик каражаттарды ар бир башкы тескөөчүнүн (тескөөчүнүн, алуучунун) бюджеттеринин каражаттарынын жыйынды көлөмүнүн өз-өзүнчө 5 пайызынан ашпоого тийиш.

Бюджеттерди аткаруу процессинде башкы тескөөчүлөр (тескөөчүлөр) бюджеттик программалардын арасында каражаттарды кайра бөлүүгө укуксуз.

Бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчү (тескөөчү) КР ФМ (жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына) бюджеттик каражаттарды кайра бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүүнүн натыйжалары жөнүндө отчетту Өкмөт тарабынан белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө берет.

Аткаруу процессинде республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди 5 пайыздык чектеринде кайра бөлүштүрүү бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү талап кылбайт.

ЖӨБ аткаруу органы бекитилген жергиликтүү бюджетке өзгөртүү жана толуктоо жол жобосун төмөнкү учурларда демилгелейт:

- Кыргыз Республикасынын саясий, экономикалык, экологиялык жана социалдык туруктуулугуна коркунуч туудурган кырдаалдарды чектеттүү зарыл болгондо;
- бюджеттин бекитилген параметрлеринин деңгээлине таасир көрсөтүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары өзгөргөндө;

- Жергиликтүү бюджетти аткаруунун жүрүшүндө алынган кошумча кирешени пайдалануу же чыгымдарды үнөмдөө жөнүндө чечим кабыл алганда.

Бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси – 1-ноябрына чейин. Жергиликтүү кеңештин жергиликтүү бюджетке өзгөртүү жана толуктоо жөнүндө токтому жогорудагы тартипте катталуусу тийиш.

Жыл ичиндеги жергиликтүү бюджеттин кирешелери боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор (5 % жогору) негиздүү болуп жана КР ФМ менен макулдашылышы керек. Бекитилген бюджеттин көрсөткүчтөрүнүн өзгөртүүсү жалпысынан кирешелер жана чыгашалар боюнча болсун, кирешелердин бөлүгү, бөлүмү, бөлүмчөлөрү жана чыгашалардын негизги топтор, топтор жана топчолору боюнча болсун бекитилген бюджеттин көрсөткүчтөрүн өзгөртүү кошумча чыгымдарды жабуунун негиздүү, ачык-айкын булактары жана эсептен чыккан кирешелер болгондо гана жергиликтүү кенештер тарабынан кабыл алынышы мүмкүн.

Кирешелердин негизги бөлүктөрү, бөлүмдөрү жана бөлүмчөлөрү, чыгашанын негизги топтору жана топчолору жана чыгашалардын корголгон статьялары боюнча өзгөртүүлөр ЖӨБ органдары себептүү жана негиздүү сунуштарынын негизинде гана жергиликтүү кеңештер тарабынан киргизилиши мүмкүн.

Бекитилген бюджеттин бюджеттик көрсөткүчтөрүнө өзгөртүү жана толуктоолор учурдагы жылдын параметрлерине гана киргизилет, кийинки божомолдуу жылдын көрсөткүчтөрү өзгөртүлбөйт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөрүүлөр кирген учурда Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 45-беренесине ылайык бюджет бекигенден кийин бюджеттердин чыгашасынын көбөйүшүнө же жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин азайышына алып келе турган учурда тийиштүү суммалар республикалык бюджеттен компенсацияланат.

44-беренеге ылайык, Бюджеттик жылдын аягында түзүлгөн жергиликтүү бюджетти аткарууда алынган кошумча кирешелер, ошондой эле кирешелердин чыгашалардан ашып түшкөн суммалары ЖӨБ органдарынын тескөөсүндө калат. Көрсөтүлгөн кирешелер алып коюуга жатпайт жана жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актыларына ылайык кезектеги бюджеттик жылда жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын жүзөгө ашырууга пайдаланылат.

99-беренеге ылайык, Эгерде учурдагы жылдын аягына чейин бюджеттин долбоору кабыл алынбаса, ЖӨБ органдары ал бекитилгенге чейин айылдык жана шаардык кеңештердин кароосуна киргизилген бюджеттин долбоорлорунда каралган чыгашалардын жылдык суммасынын он экиден бир бөлүгүнүн чектеринде ай сайын чыгашаларды жүргүзүүгө укуктуу.

24-беренеге ылайык, жергиликтүү бюджеттердин курмамында ЖӨБ органдарынын резервдик фонддор түзүлөт, анын өлчөмү тиешелүү жергиликтүү бюджеттин чыгашаларынын көлөмүнүн 1 пайызынан ашык эмес болуусу керек (резервдик фонддорду эске албаганда).

130-беренеге ылайык, ЖӨБ органдары тиешелүү бюджеттин балансталбаганынан улам келип чыккан милдеттенмелер боюнча өз алдынча жооп беришет.

Бюджеттик каражаттардын чыгымдоо үчүн жооптуу, ЖӨБ органдарынын жетекчилери финансылык тартипти бузгандыгы жана бюджетти аткарууга байланыштуу милдеттенмелерди орундатпагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жекече жоопкерчиликти тартат.

Жергиликтүү бюджеттерди аткарууда КР ФМ жалпы мамлекеттик салыктардын туура бөлүштүрүлүшүн, республикалык бюджеттен берилген трансферттердин эсептелип чыгышынын жана максаттуу пайдаланышынын тууралыгын контролдоону ишке ашырат. Жалпы мамлекеттик салыктарды жана башка кирешелерди эсепке алуунун өлчөмдөрү жана тартиби бузулганда, трансферттер максатсыз пайдаланылган учурларда КР ФМ трансферттердин бардык түрлөрүн каржылоону, токтотуп коюуга укуктуу.

### 3.6. Жергиликтүү бюджетти аткаруу жөнүндө отчетторду түзүү жана бекитүү

ЖӨБ аткаруучу органдары жергиликтүү бюджетти аткаруу жөнүндө отчетту түзөт жана жергиликтүү кеңештин бюджеттик комиссиясына сунуштайт. Жергиликтүү кеңештердин бюджеттик комиссиясы жергиликтүү бюджетти аткаруу жөнүндө отчетту карап чыгат, корутунду түзөт жана аларды жергиликтүү кенештин карооосуна берет.

Жергиликтүү кенештер карап чыгуудан кийин тийиштүү жылга жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитет. Отчет төмөндөгү параметрлер менен бекитилет: киреше, чыгаша, республикалык бюджеттен бөлүнгөн трансферттер.

Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө бекитилген жылдык отчеттор КР ФМ отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-мартынан кечиктирилбеген мөөнөттө берилет.

### 3.7. Эсеп жана отчеттуулук

Бюджеттик мекемелердин эсеби жана отчеттуулугу КР ФМ 2017-жылдын 29-июнундагы №97-П буйругу менен бекитилген Бюджеттик мекемелерде бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана мамлекеттик сектордогу финансылык отчеттуулук боюнча Жобого ылайык жүргүзүлөт.

Жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мекемелер жана уюмдар жылдык, кварталдык жана айлык бухгалтердик отчетторду түзөт.

КР ФМ белгилеген формалардын көлөмүндө жылдык бухгалтердик отчеттуулук отчеттук мезгилден кийинки жылдын 1-январына карата абалы боюнча мекемелер жана уюмдар тарабынан түзүлөт, кварталдык отчет ошол жылдын 1-июлуна жана 1-октябрына карата түзүлөт.

КР ФМ аймакттык башкаруулар айылдык аймактар, райондук жана шаардык бюджеттик мекемелер берген бухгалтердик отчетторду консолидациялайт. Андан соң консолидацияланган отчеттор КР ФМ мамлекеттик башкаруу секторун балансын консалидациялоого тапшырылат.

Мекемелердин жана уюмдардын жылдык жана кварталдык бухгалтердик отчеттуулук курамына чыгашалар сметасын аткаруу жөнүндөгү түшүндүрмө кат кошулат.

### 3.8. Жергиликтүү бюджеттердин киреше жана чыгашаларын тактоонун тартиби

Жергилктүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары КР ФМ аймактык башкаруулары аркылуу төмөндөгүдөй учурда киреше жана чыгашаларга тактоо киргизет:

а) киреше планы ашык аткарылганда же чыгымдар кыскартылганда;

б) нормадан ашыкча түшкөн запастарды эсепке алганда;

в) жылдык отчеттордун жыйынтыгы менен дебитордук карыздарды эсепке алганда;

г) бюджеттик каражаттар үнөмдөлгөндө;

д) аудитордук жана башка текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча ассигнованиелердин көлөмү өзгөргөндө.

# 4. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРДИН КИРЕШЕ БӨЛҮГҮН ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренеси жергиликтүү бюджеттерге өздүк кирешелерин бекитилип берилген. Бекитилген киреше булактарынан сырткары жергиликтүү бюджеттерге чегерүүнүн ченемдери республикалык бюджет жөнүндө мыйзам менен аныкталган жалпы мамлекеттик кирешелер келип түшөт.

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери бекитилген жергиликтүү кирешелерден, жалпы мамлекеттик салыктардан, ошондой эле активдер менен операциялардан түшкөн кирешелерден, республикалык бюджеттен түшкөн трансферттерден, физикалык жана юридикалык жактан түшкөн ыктыярдуу взностордон жана спонсордук жардамдардан түзүлөт.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн алгачкы долбоорун КР ФМ жөнөткөн жалпы мамлекеттик кирешелерден жана бюджет аралык трансферттерден алынган божомолдорго таянып айыл өкмөтүнүн (мэрия) финансы-экономикалык бөлүмү түзөт.

Бюджеттик кодекстин нормаларына ылайык, бюджеттик системанын баардык денгээлдеринде мамлекеттик финансыны эсепке алуу жана отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына жооп берген жана КР ФМ тарабынан бекитилген кирешенин бирдиктүү классификациясы колдонулат, ага ылайык, жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин структурасы төмөнкү категориядан турат:

- салыктык кирешелер;
- салыктык эмес кирешелер;
- активдер менен операциялардан түшүүлөр.

## 4.1. Салыктык кирешелер

Кыргыз Республикасында жалпы мамлекеттик салыктар, жергиликтүү салыктар, ошондой эле атайын салыктык режимдер белгиленген. Салык кодекси тарабынан белгиленген жана Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында милдеттүү түрдө төлөнө турган салыктар жалпы мамлекеттик салыктар болуп эсептелет.

Салык юридикалык жана жеке жактардын кирешелеринен/жүгүртүүлөрүнөн мамлекеттик бюджеттин пайдасына алынуучу милдеттүү төлөм болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында салык салуу системасын жөнгө салуучу негизги мыйзам актысы Кыргыз Республикасынын Салык кодекси (мындан ары Салык кодекси) болуп эсептелет. Салык кодекси - Кыргыз Республикасынын аймагындагы, бажы мыйзамдары менен жөнгө салына турган бажы алымдарынан, жыйымдарынан жана төлөмдөрүнөн башка, бардык салыктар, аларды администрациялоо, салык төлөөчүлөрдүн салыктык аракеттери боюнча мыйзам жоболорунун жыйындысы болуп эсептелет.

Салык кодекси тарабынан белгиленген жана тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында милдеттүү түрдө төлөнө турган салыктар жергиликтүү салыктар деп таанылат.

Жергиликтүү салыктарга:

- жер салыгы;

- мүлк салыгы таандык кылынат.

Жалпы мамлекеттик салыктардын түрлөрүнө:

- киреше салыгы;
- сатуудан түшкөн салык;
- жер казынасын пайдалануу үчүн салык;
- милдеттүү патенттин негизиндеги салык;
- ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык;
- бирдиктүү салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы.

Анын ичинен, атайын салыктык режимдерге:

- милдеттүү патенттин негизиндеги салык;
- ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык;
- бирдиктүү салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдары бюджеттердин өз алдынчалыгынын приципттеринде түзүлгөн. Бюджеттик системанын бардык звенолорунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеке киреше булактарынын болушу бюджеттердин өз алдынчалыгын негизи болуп эсептелет. Ушул принциптерге негизденүү менен жергиликтүү салыктар жана жыйымдар боюнча каражаттардын түшүшү жергиликтүү кирешелердин жеке булактары катары аныкталды жана толугу менен ЖӨБ органдарынын бюджетине толугу менен чегерилет.

Жергиликтүү бюджеттерге белгиленген ченемдер боюнча жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден, анын ичинде ЖӨБ органдары тарабынан салынган штрафдар, пениялар жана башка санкциалар чегерилет.

Жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдери Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен бекитилет. Жалпы мамлекеттик кирешелерден түшүүлөрдү жана башка кирешелерди республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда бөлүштүрүү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси менен белгиленет.

*2019-жылы жалпы мамлекеттик салыктардан жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүү*

| **Жалпы мамлекеттик салыктардын аталышы** | **Респ. маанидеги шаарлар** | **Обл. маанидеги шаарлар** | **Рай. маанидеги шаарлар** | **Айыл өкмөттөрү** |
|---|---|---|---|---|
| Киреше салыгы | 70% | 70% | 70% | 70% |
| Сатуудан алынуучу салык | 50% | 50% | 50% | 50% |
| Жер казынасын пайдалануу үчүн салык (роялти) | 50% | 50% | 50% | 50% |
| Ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык | 100% | 100% | 100% | 100% |
| Милдеттүү патенттин түшкөн кирешелер | 100% | 100% | 100% | 100% |
| Бирдиктүү салык | 100% | 100% | 100% | 100% |
| Жер казынасын пайдалануу үчүн акы | 7%, | 7% | 7% | 7% |
| Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүү | 20% | 20% | 20% | 20% |

## 4.2. Жергиликтүү бюджеттердин салык эмес кирешелери

Салыктык эмес кирешелер – Кыргыз Республикасынын мыйзамдары белгиленген, мамлекеттик бюджеттин кирешесине төлөнүүчү жана салыктар, бажы төлөмдөрү, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча төгүмдөр жана расмий трансферттер болуп саналбаган жыйымдар, чегерүүлөр, төлөмдөр, анын ичинде, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы.

Салык эмес кирешелерди жөнгө салуу ченемдик-укуктук акт болуп Кыргыз Республикасынын Салык эмес кирешелер жөнүндө кодекси болуп саналат. Жергиликтүү салык эмес кирешелерге төмөнкүлөр кирет:

- муниципалдык менчикти башкаруудан жана тескөөдөн алынган кирешелер (жер, имарат, курулмалар);
- жер казынасын пайдалануу үчүн акы;
- акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн;
- ар кандай чогултуулар;
- ЖӨБ органдары тарабынан салынган, административдик штрафтар;
- эл аралык финансылык донорлордон түшкөн гранттар;
- юридикалык жана физикалык жактардан спонсордук жардамдар.

Салык эмес төлөмдөр ЖӨБ органдарынын бюджеттерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түшөт.

## 4.3. Жергиликтүү бюджеттин кирешелерин түзүү үчүн экономикалык индикаторлорго баа берүү

Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору аймактардын өнүгүшүнүн деңгээлин мүнөздөгөн экономикалык индикаторлор (көрсөткүчтөр) менен байланышта калыптандырылат.

Экономикалык индикаторлор жергиликтүү бюджеттердин салык салынуучу базасына баа берүү, ресурстарды жергиликтүү артыкчылыктарга ылайык ресурстарды сарамжал бөлүштүрүү үчүн шайман катары кызмат кылат.

Жергиликтүү бюджеттердин киреше базасына талдоо жүргүзүү үчүн алардын салыктын суммасын эсептөөгө же анын болжолуна катышкандыгына жараша экономикалык көрсөткүчтөр (индикаторлор) пайдаланылат.

Бир катар көрсөткүчтөр (индикаторлор) салыктар боюнча формулалардын эсебине кирген экономикалык параметрлерге жараша болот:

| № | Кирешенин тиби | Кирешенин эсеби | Статистикалык, экономикалык көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|
| | Жергиликтүү салыктар | | |
| 1. | Айыл чарба багытындагы жерлерден алынуучу салык | Н = С х П х Ки, мында:<br>Н – жер салыгынын суммасы,<br>С – жер салыгынын чендери,<br>П – жер участогунун аянты, га/чарчы м,<br>Ки – Инфляциянын коеффициенти;<br>Жер салыгынын базалык ченин Салык Кодексинен, жердин аянтын – Мамлекеттик каттоо кызматынан тактоого болот | Коэффициенттери:<br>- инфляциянын коэффициенти<br>Аянттар (га):<br>- сугат жерлер<br>- кайрак жерлер<br>- көп жылдык өсүмдүктөр<br>- чөп чабыктар<br>- жайыттар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2. | Үй жанындагы, короо жай жана багбанчылык жер участокторун пайдалангандык үчүн жер салыгы | Салык төмөндөгү формула менен эсептелет:<br>Н = С х П х Кз, мында<br>Н - жер салыгынын суммасы,<br>С - жер салыгынын ставкасы,<br>П - жер участогунун аянты, кв.м,<br>Кз - зоналык коэффициент<br>Жер салыгынын базалык ченин Салык Кодексинен, жердин аянтын – Мамлекеттик каттоо кызматынан тактоого болот.<br>Кз зоналык коэффициенттин мааниси жергиликтүү кеңеш тарабынан 3 жылда бир жолу учурдагы жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен экономикалык пландаштырылган аймактардын өзгөчөлүктөрүнө жараша бекитилет. | Коэффициенттери:<br>Кз - экономикалык-пландаштырылган зоналар үчүн зоналык коэффициент<br>- жер аянттары, (чарчы м.) |
| 3. | Айыл чарба багытында болбогон жерлерден алынуучу салык | Н = С х П х Ки х Кз х Кк, мында:<br>Н – жер салыгынын суммасы,<br>С – жер салыгынын чени,<br>П- жер участогунун аянты, чарчы м,<br>Ки – инфляциянын коэффициенти,<br>Кз - экономикалык-пландаштырылган зоналар үчүн зоналык коэффициент,<br>Кк –коммерциялык пайдалануу коэффициенти<br>Жер салыгынын базалык ченин Салык Кодексинен, жердин аянтын – Мамлекеттик каттоо кызматынан тактоого болот. Кк коэффициентинин мааниси КРнын Салык Кодексинин 339-беренсинини 6-бөлүгүндө бекитилген. Кз зоналык коэффициенттин мааниси жергиликтүү кеңеш тарабынан 3 жылда бир жолу учурдагы жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен экономикалык пландаштырылган аймактардын өзгөчөлүктөрүнө жараша бекитилет. | Коэффициенттери:<br>Кз - экономикалык-пландаштырылган зоналар үчүн зоналык коэффициент,<br>Кк – коммерциялык пайдалануу коэффициенти<br>Аянттар (чарчы м.):<br>- дүкөндөр, күркөлөр, ларектор жана башка соода мекемелери;<br>- кичи рыноктор, рыноктор, рыноктук-соода комплекстери;<br>- мал, жем-чөп рыноктору;<br>Коомдук тамак-аш ишканалары;<br>- мейманкана ишинин ишканалары;<br>- банктар, ломбарддар, акча алмашуу пункттары;<br>- оюн-зоок ишинин ишканалары жана дискотекалар;<br>- офистер, бизнес-борборлор, биржалар;<br>- авто май куюу бекеттери ;<br>- мунай базалары;<br>- авто токтотмолорстоянки, автосервис ишканалары<br>- жарнама курулуштары;<br>- эс алуу жана шаан-шөкөт, спорттук-ден соолукту чыңдоочу кызматтар, жеке кызматтарды көрсөтүү;<br>- транспорт, курулуш, байланыш жана энергетика ишканаларынын администрациялык имараттары, эгерде ушул статьяда башкача каралбаса, эркин экономикалык айматардын аймактары;<br>- кен ишканаларынын имараттары жана курулуштары, ошондой эле |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. | | | темир жол транспортунун жүк бекеттери, темир жол жана аба транспорту ишканаларынын санитардык-коргоо зоналары;<br>- иштетилип жаткан кендер, карьерлер, шахталар, разрездер, күл төгүлүүчү жайлар;<br>- геологиялык чалгындоо, долбоордук-изилдөө, чалгындоо жана изилдөө иштери;<br>- байланыштын аба линиялары жана электр берүүлөр;<br>- илим, билим берүү, саламаттык сактоо, маданий, балдардын-өспүрүмдөрдүн дене тарбия-спорттук мекемелери;<br>- айыл чарбасындагы өндүрүштүк ишканалар (гараждар, оңдоо чеберканалары, кырмандар, дан тазалоочу комплекстер, жашылча, картошка сактоочу жайлар, курулуш жана чарба короолору жана айыл чарба багытындагы башка объектилер.;<br>- коргоо-спорттук-техникалык уюмдар. |
| 4. | Мүлк салыгы<br><br>1,2,3-топтор | НС = С х П х Кр х Кз х Ко, мында:<br><br>НС – мүлк объектисинин салык салынуучу наркы, сом.;<br><br>С – мүлк объектисинин бир чарчы метринин салык салынуучу наркы, сом./чарчы м;<br><br>П – мүлк объектисинин жалпы наркы, чарчы м;<br><br>Кр – региондук коэффициент,<br><br>Кз - зоналык коэффициент,<br><br>Ко – 2 жана 3-топтогу.мүлк объектилери үчүн колдонулуучу тармактык коэффицент.<br><br>Салыктын чени төмөндөгүдөй өлчөмдөрдө белгиленет:<br><br>1) 1-топтогу объектилер үчүн - салык салынуучу базанын 0,35 пайызы өлчөмүндө;<br><br>2) 2 жана 3-топтогу мүлк объектилери үчүн – салык салынуучу базанын 0,8 пайызы өлчөмүндө белгиленет.<br><br>Мүлктүн ээси жана анын мүнөздөмөсү жөнүндө маалыматты МККнан тактоого болот. | Коэффициенттер:<br><br>Кр - региондук коэффициент,<br><br>Кз – зоналык коэффициент,<br><br>Ко - тармактык коэффициент,<br><br>Аянттар ( чарчы м.):<br><br>- 1- топ боюнча объектилер<br>- 2- топ боюнча объектилер<br>- 3- топ боюнча объектилер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4. | | КРнын Салык Кодексинин 327-беренесине ылайык регионалдык, зоналдык жана тармактык коэффициенттер жана 1 чарчы метр салык салынуучу аянттын наркы, 1,2 жана 3-группадагы объектинин дубалынын материалына жана мүлк объектин эксплуатацияга берген жылына жараша белгиленет | |
| 5. | Мүлк салыгы<br><br>(4-топ) | 4-топ – мүлктүн 3 түрүн камтыган транспорттук каражаттар. Салык ар бир түрүнө төмөндөгүдөй саналат:<br><br>а) ичинен күйүүчү кыймылдаткыч менен иштегендер:<br><br>Н=С*Дв,<br><br>мында Н – салыктын суммасы налога,<br><br>С – кыймылдаткычтын жумушчу көлөмүнүн ар бир 1 куб см салыктын ставкасы сом менен.<br><br>Дв – кыймылдаткычтын жумушчу көлөмү<br><br>б) «а» пунктчасында каралбаган ичинен күйүүчү кыймылдаткычы бар же ичинен күйүүчү кыймылдаткычы жоктор - баланстык наркынан 0,5 пайыз;<br><br>в) ичинен күйүүчү кыймылдаткычы жана баланстык наркы жоктор - Салык Кодексинин 325-беренесинин ылайык, КРӨ аныктаган тартипте, аныкталуучу наркынан 0,5 пайыз. | Көрсөткүчтөр:<br>- транспорттун түрү;<br>- даярдоочу завод чыгарган жылды кошкондо пайдалануу мөөнөтү;<br>- баланстык, эсептик наркы;<br>- кыймылдаткычынын жумушчу көлөмүнүн ар бир 1 куб.см үчүн сом менен салыктын ставкасы<br><br>Салыктын ставкасы төмөнкү көрсөткүчтөргө көз каранды: транспорттун түрү, даярдоочу завод чыгарган жылды кошкондо пайдалануу мөөнөтү.<br>Транспорттук каражаттын ээси жана анын мүнөздөмөсү тууралуу маалыматты МСК же МКК алууга болот.Салыктын ставкасы Салык Кодексинин 328-беренеси менен бекитилген. |
| 6 | Таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйым | Жыйым ставкасынын чоңдугу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын чечими менен, анын аткаруучу органынын сунушу боюнча бир жашоочуга же курулуштун бир чарчы метр аянтына бир эсептик көрсөткүчтөн көп эмес өлчөмдө белгиленет. | Таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымды эсептөө үчүн негизги көрсөткүчтөр:<br>- жашоочулардын саны;<br>- аянты.<br>Аянттар боюнча маалыматты ЖӨБО МСК (же МКК) алууга болот. |
| 7. | Жер казынасын пайдалануу үчүн салык (роялти) | Роялтинин ставкасы КРнын Салык Кодексинде бекитилген. | Суу булактарынын дебети:<br>- куюп иче турган минералдык жана тузсуз ичүүчү суулар;<br>- бальнео дарылоо үчүн минералдык суулар;<br>- жылытуу үчүн термалдык суулар;<br>- ичүүчү жана техникалык суулар. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7. | | | Түшкөн акчанын көлөмү:<br>1) күмүш жана платина төмөндөгүлөрдү эске алуу менен:<br>a) запастары 10 тоннадан ашык кендер үчүн;<br>b) запастары 3 тоннадан 10 тоннага чейин кендер үчүн;<br>c) запастары 3 тоннадан аз кендер үчүн;<br>2) суу менен камсыз кылуунун адистештирилген уюмдары үчүн;<br>3) гипске;<br>4) каптама материалдарды өндүрүү үчүн табигый таштарга;<br>5) таш көмүргө, күрөң көмүргө. |
| 8. | Жер казыналарын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым | Төлөмдүн ставкасы КРӨнүн 2012-жылдын 14-декабрындагы №834 токтому менен аныкталган.<br>Жер казыналарын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым пайдалуу кен чыккан жерлерди геологиялык иликтөө максатында, лицензиялык аянттын чарчы километри үчүн жылына бир эсептик көрсөткүчтө бекитилген.<br>Жер казыналарын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым пайдалуу кен чыккан жерлерди чалгындоо максатында лицензиялык аянттын гектары үчүн жылына бир эсептик көрсөткүчтө бекитилген.<br>Жер казыналарын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым пайдалуу кен чыккан жерлерди иштетүү максатында лицензиялык аянттын гектары үчүн жылына бир эсептик көрсөткүчтө бекитилген. | Көрсөткүчтөр:<br>- пайдалуу кендердин түрү;<br>- кендерди пайдалануу түрү (изилдөө, чалгындоо, иштетүү);<br>- лицензиялык аянт;<br>- лицензияны кармоо мөөнөтү, жыл. |
| 9. | Ыктыярдуу патенттештирүү | Ишкердиктин түрлөрү боюнча ыктыярдуу патенттин негизиндеги салыктын базалык суммасын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашуу боюнча ыйгарым укуктуу салык органынын сунушу боюнча белгилейт. | Жеке ишкерлердин ишинин түрлөрү боюнча саны |
| 10. | Милдеттүү патенттештирүү | Салыктык базасы жана салыктын ставкасы КРнын Салык Кодексинин 349-беренесинде аныкталган. | - Ломбарддардын саны;<br>- Тараза менен аныкталган жүгү менен автоунаалардын саны;<br>- Бильярд үстөлдөрүнүн саны;<br>- Сауналардын саны;<br>- Акча алмаштыруу бюролорунун саны;<br>- Дискотекалалардын, түнкү клубдардын саны;<br>- Күнү-түнү иштеген автотоктотмолордун саны (токтототурган жердин саны);<br>- Жуу-ордулардын саны. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11. | Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | Сатуудан түшкөн акчанын 2 пайызы өлчөмүндө эсептелет. | Пайдалуу кендерди сатуудан түшкөн акча кыйыр салыктарды эсепке албаганда (курулуш материалдары үчүн сырьедон башка). |
| 12. | Автотранспорт токтотуу жана токтотуучу жай үчүн жыйым | Автотранспорт каражатын токтотуу жана токтотуу жайы үчүн жыйымдын өлчөмү, аны тескөө жана төлөө тартиби транспорт токтотуунун же токтотуучу жайдын ордун, суткадагы убактысын жана токтотуунун узактыгын, транспорттун түрүн эске алуу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү өкүлчүлүктүү органы тарабынан, анын аткаруучу органынын сунушу боюнча белгиленет. | Көрсөткүчтөр:<br>- Токтотуучу жайдын кызматтарын пайдаланган автотранспорттордун саны, сааты, белгилүү убакыттын суткасында токтотуу мөөнөтү;<br>- көрсөткүчтөрдүн сезондук өзгөрүүлөрү.<br>Маалымат булагы: хронометраж |
| 13. | Муниципалдык мүлктү ижарага берүүдөн алынуучу ижара акысы | Муниципалдык мүлктү ижарага берүү үчүн ижара акысынын өлчөмү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан аныкталган тартипте белгиленет. | Көрсөткүчтөр:<br>- келишимге ылайык ижара акысынын айлык өлчөмү;<br>- ижарага алынган имараттын аянты (жай). |

### 4.4. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин болжолдоонун ыкмалары

Жергиликтүү кирешелерди сапаттуу түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2015-жылы 25-августунда №604 токтом менен бекитилген “Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүү маселелерин уюштуруу жөнүндө” методикасын колдонууга алуу керек.

Мыйзам чыгаруу базасы адатта аны экономикалык талдоо жүргүзүү жана болжолдоо үчүн абдан татаал болгондуктан, экономикалык критерийлердин негизинде салык салуунун альтернативалуу же көрсөтмөлүү базасы аныкталат.

Мисалы, киреше салыгынын базасы – бул калктын кирешелери; экономикада иштеген кызматкерлердин эмгек акы фондусу, сатуулардан алынуучу салык - калкка көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү жана чекене товар жүгүртүү, таштандыны чыгаруу үчүн жыйым – жашаган калктын саны жана ишкананын кызматкерлеринин саны ж.б. Ушул көрсөтмөлүү базалар үчүн болжолдуу баалоолор көпчүлүк учурда толук мүмкүн болот жана түшүүлөрдү болжолдоо үчүн түздөн-түз пайдаланылышы мүмкүн.

**Иш жүзүндөгү салыктык ченге негизделген мамиле**

Салыктын иш жүзүндөгү чени салыктык түшүүлөрдү салык салуу базасына бөлүүдөн алынгын айырма катары аныкталат. Б.а. бул – салыктын көрсөтмөлүү базасынын жалпы көлөмүнө карата колдонула турганалыктын иш жүзүндөгү орточо чени. Иш жүзүндөгү салыктык чен салыктык чендердин мыйзамдуу белгиленген шкаласынан байкаларлык айырмаланышы мңмкүн. Салыктын иш жүзүндөгү ченинин мыйзамдуу белгиленген ченинен айырмаланышы салык мыйзамдарында чыгарып салуулар, жеңилдиктер жана преперенциялар, чендерди дифференциалдуу белгилөө жана башкалардын болушу менен түшүнүдүрүлөт. Ушуга байланыштуу ушул мамиле бир катар жылдардын ичиндеги байкоолордун маалымдамаларына негизделет. Түшүүлөрдүн болжолу иш жүзүндө эсептелген салыктык базаны салык салуунун болжолдуу базасын чыгаруу катары эсептелет.

***Мисал:*** *Өткөн жылдардагы көрсөткүчтөр төмөндөгүдөй болуп көрүнөт (млн. сом).*

| | ***2016-ж.*** | ***2017-ж.*** | ***2018-ж.*** |
|---|---|---|---|
| *Чекене товар жүгүртүү* | *525* | *560,0* | *600,0* |
| *Акылуу кызматтардын көлөмү* | *165* | *172,0* | *180,0* |
| *Сатуулардан алынуучу салык* | *5,85* | *6,15* | |

*Салыктын иш жүзүндөгү ченин төмөндөгү формула боюнча табабыз:*

*2016-жыл үчүн 5,85 / (525 + 165) * 100 = 0,85*

*2017-жыл үчүн 6,15 / (560 + 172) * 100 = 0,84*

*Акыркы эки жылдагы иш жүзүндөгү орточо чен (0,85 + 0,84) / 2= 0,84 барабар.*

*Анда 2018-жылга салыктын суммасы (600 + 180) * 0,84 % = 6,55 млн. сомго барабар болот.*

Ушуга байланыштуу салык салуу базасындагы өзгөрүүлөрдүн салык системасына жана салык мыйзамдарынын талаптарын аткаруунун көрсөткүчтөрүнө тийгизген таасирин эсепке алган ойлонулган корректировкалар киргизилген учурда аталган мамилени колдонууга болот.

**Салыктын ийкемдүүлүгүнө негизделген мамиле**

Эгерде экономикалык көрсөткүчтөрдүн болжолдору бар болсо, анда айкын салыктын же салыктардын тобунун негизинде кирешелерди болжолдоонун кыйла жөнөкөй, шарттуу мамиле салыктын салыштырмалуу базасына карата салыктык түшүүлөрдүн ийкемдүүлүгүнө баа берүү болуп саналат. Салык салуу базасынын салыштырмалуу өзгөрүшүнө карата анын түшүүлөрүнүн көлөмүнүн салыштырмалуу өзгөрүшү же жөнөкөй сөздөр менен айтканда, салыктык түшүүлөрдүн салыктык базанын 1%га өсүшүнөн улам пайыз менен алгандагы жогорулашы салыктын ийкемдүүлүгү деп аталат. Ийкемдүүлүктүн коэффициенти төмөндөгү формула боюнча аныкталат:

$$\textbf{Салыктык түшүүлөрдүн ийкемдүүлүгү} = \frac{\textbf{салыктык түшүүлөрдүн пайыздык өзгөрүшү (өзгөрүлбөгөн салык системасынын тушунда)}}{\textbf{салык салуу базасынын пайыздык өзгөрүшү}}$$

Түшүүлөрдүн пайыздык өзгөрүшүнүн салык системасынын өзгөрүшү болбогон өткөн бир катар жылдардагы салык салуу базасынын өзгөрүшүнө карата катышын орточо мааниге келтирүү менен ийкемдүүлүккө баа берүүгө болот. Каралып жаткан салыктын ийкемдүүлүгүнүн көрсөткүчү жана салык салуу базасынын өсүш арымдарынын болжолу колдо болсо, салык салуу базасынын өсүш арымын ийкемдүүлүккө жөн гана көбөйтүү менен салыктык түшүүлөрдүн болжолун алууга болот.

**Салыктын болжолу =** Салыктык базанын өсүшүнүн болжолдонуп жаткан арымы * Ийкемдүүлүк * Өткөн жылы иш жүзүндө алынган салыктык жыйымдар.

***Мисал:*** *Өткөн жылдардын көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй болуп көрүнөт (млн. сом).*

| | **2016-ж.** | **2017-ж.** | **2018-ж.** |
|---|---|---|---|
| Чекене товар жүгүртүү, млн. сом | 525 | 560,0 | 600,0 |
| Акылуу кызматтардын көлөмү млн. сом | 165 | 172,0 | 180,0 |
| Сатуулардан алынуучу салык млн. сом | 5,85 | 6,15 | |

Салыктын ийкемдүүлүгүн төмөндөгү формула боюнча табабыз::

2016-2017-жылдар үчүн ийкемдүүлүк (6,15 / 5,85 * 100 - 100) / ((560 + 172) / (525 + 165) * 100 - 100) = 0,84 барабар.

Андан кийин 2018-жылы салыктык базанын өсүшүн табабыз

(600 + 180) / (560 + 172) * 100 - 100 = 6,55 %

Салыктын ийкемдүүлүгүн колдонуу менен салыктын өсүшүн табабыз 0,84 * 6,55 = 5,5. Б.а. көрсөтмөлүү салык базасынын өсүшүнүн болжолу 6,55 %га болсо, салыктын өсүшү 5,5 %ды түзөт..

Ушуга негизденгенде салыктын өсүшү ( 6,15 / 100) * 5,5 = 0,33 барабар болот, ал эми 2018-жылы салыкты жыйноонун болжолу 6,15 + 0,33 = 6,48.

**Белгиленип коюлган маалымдамаларга жана эксперттик баа берүүгө негизделген мамиле**

Мыйзамдарга ылайык айрым салыктардын жана жыйымдардын чендери салык салынуучу базанын бир бирдиги үчүн бир жылга же бир айга эсептелген туруктуу (белгиленген) төлөмдөр түрүндө белгиленген. Мисалы:

- жер салыгы – салыктын чени аянттын көлөмүнө жараша белгиленип коюлган;
- ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык, милдеттүү патенттештирүүнүн негизиндеги салык – иштин түрү үчүн бир айга белгиленип коюлган;
- таштандыларды чыгаруу үчүн салык – чен курулуштун ар бир ээсине же калктын жана кызматкерлердин санына жараша бир жылга белгиленип коюлган;
- жер казынасын пайдалануу үчүн салык (роялти) – чени белгиленип коюлган, мисалы, минералдык суунун ар бир куб метри үчүн белгиленип коюлган.

Аталган салыктардын чендери белгиленип коюлгандыктан, ошондой эле салык салуу базалары сандык ченөөгө алынууга тийиш болгондуктан жана анча деле өзгөрбөгөндүктөн, салыктардын ушул түрлөрү боюнча болжолдуу суммалардын эсеби салыктын чендерин алардын салык салуу боюнча сандык базаларына жөнөкөй көбөйтүү менен жүргүзүлөт.

**Жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн түзүүдө болжолдорду эсептөөнүн өзгөчөлүктөрү**

Натыйжалуу бюджеттик болжолдоо – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджеттерди түзүү боюнча өз алдынчалыгынын эң маанилүү мүнөздөмөсү. Бюджеттик пландаштыруунун маанилүү багыты жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолун эсептеп чыгуу болуп эсептелет.

**Киреше салыгы боюнча болжол**

Алдыдагы жылга киреше салыгы боюнча болжолддуу көрсөткүч эки позиция боюнча өзүнчө эсептелет:

- салык агенти тарабынан төлөнүүчү киреше салыгы;
- бирдиктүү салык декларациясы боюнча киреше салыгы.

Киреше булктарынан кармалган киреше салыгын болжолдуу суммасын эсептөөдө өткөн жылдардын түшүүлөрүнүн динамикасын, ушул жылы күтүлгөн түшүүлөрдү жана ошондой эле салыктардын жана алардын базаларын эске алуу керек. Салык базасынын көрсөткүчү болуп калктын кирешеси (акча), экономика чөйрөсүндө алектенген адамдардын эмгек акы фонду, эмгек акынын өсүшү жана жеке ишкерлердин кирешелери болуп саналат. Болжолдонгон сумманы эсептөө үчүн салык ставкасынын фактысын жана салык ийкемдүүлүгү методун колдонсо болот.

Патенттик негизде жана милдеттүү патенттештирүү боюнча түшүүлөрдүн болжол-

дуу суммасынын эсеби аталган аймакта патенттин белгиленип коюлган ченинин, жеке ишкерлердин санынын базасында, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын болжолдонгон жылга патенттердин ченderин өзгөртүү боюнча ниеттеринин негизинде жүзөгө ашырылат. Эсептөө иштин айрым түрлөрүнүн сезондуулук факторуна эксперттик баа берүүнү жана патенттик системада иштеген ишкердик кылуучу субъектилердин санынын азайышын же жогорулашын эсепке алуу менен тикелей эсептөөнүн жөнөкөй ыкмасы менен жүргүзүлөт. Түшүүлөрдүн ушул түрлөрү боюнча болжолдуу суммалардын эсеби салык органдары тарабынан төмөндөгүдөй түрдө берилген маалыматка негизделүүгө тийиш:

Патенттик негизде ишкердик кылуу боюнча маалымдоолор:

- патенттик негизде иштеген ишкерлердин саны;
- киреше салыгынын патенттик негизде түшкөн суммалары;
- патенттердин иштин түрлөрү боюнча чендери.

Чакан ишкерликтин салык салуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн системасы боюнча иштеген субъектилери боюнча маалымдоолор:

- субъектилердин саны;
- чакан ишкерликтин субъектилеринин товар жүгүртүүсүнүн көлөмү жана бир катар өткөн мезгилдерде түшкөн салыктардын суммасы.

Милдеттүү патенттештирүү боюнча ишкердик кылган субъектилер боюнча маалымдоолор:

- субъектилердин саны;
- иштин түрүнө жараша салык салуу объектилеринин саны (бильярд үстөлдөрүнүн саны, авто токтото турган жерлердин саны ж.б.);
- мурунку убакта салыктан түшүүлөрдүн суммасы.

**Жер салыгы**

Жер салыгынын болжолу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде бекитилген базалык чендерге ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик Каттоо Кызматынын Кадастр жана кыймылсыз мүлккө болгон укукту каттоо департаментинин маалыматы боюнча бекитилген жерлердин аянты, ар бир калктуу конуштар боюнча эсептелет.

Жерлердин категориясына жараша болжолдоонун ар кандай ыкмалары колдонулат.

Айыл чарба багытындагы жерлер жерлердин беш түрү боюнча дифференцияланган:

- сугат жерлер;
- кайрак жерлер;
- көп жылдык өсүмдүктөр;
- чөп чабыктар;
- жайыттар.

Ушул салык боюнча чен, жер аянты катары – белгиленип коюлган көрсөткүчтөр, мунун өзү бул салыктын инфляциянын өсүшүнө көз каранды эмес экендигин белгилеп турат. Ушуга байланыштуу эсептөө айыл чарба жерлеринин аянттарынын сандык маалымдамаларына жана белгиленген базалык чендерге негизделет. Эсептөө тикелей эсептөө ыкмасы менен жердин ар бир түрү боюнча өзүнчө жерлердин аянтын жана салыктын ченин жөнөкөй чыгаруу менен жүргүзүлөт.

Айыл чарба жерлеринен алынуучу жер салыгынын эсептик суммасы жергиликтүү кеңештердин чечими менен алар боюнча белгилүү бир мөөнөткө салык төлөөдөн толук же жарым-жартылай бошотуу түрүндө жеңилдик берилген жер аянты боюнча эсептелген суммага азаят.

*Кадастр жана кыймылсыз мүлк укугун каттоо боюнча депатраментинин маалымдамалары боюнча жерлердин категориялары кыртыштын айкын абалына дал келбеген кезде проблема пайда болот. Мында жерлерди сугат жерлердин статусунан кайрак жерлердин статусуна которуу Кыргыз Республиасынын Өкмөтүнүн токтому менен аныкталат.Жерлерди бир категориядан экинчи категорияга трансформациялоо процессинин өзү олуттуу чектөөлөргө дуушар болот, аларды болсо БӨБ органдары көпчөлөк учурда чече албайт. Мунун өзү мамлекеттик жерлердин (айыл чарба жерлерин жана жайыттарды кайра бөлүштүрүүнүн мамлекеттик фондунун) салыгы боюнча олуттуу карыздардын түзүлүшүнө жана салык кызматтары тарабынан айыптык сануциялардын салынышына алып келүүдө. Мындан тышкары, кирешелер боюнча жогорулатылган көрсөткүчтөр тиешелүү чыгашалык милдеттенмелер менен шайкеш келтирилүүгө тийиш. Мына ошентип, бюджеттин жер салыгы боюнча киреше бөлүгүн аткарбоо, ЖӨБ органдаорынын белгилүү бир функцияларды аткарбай калышына алып келүүдө.*

**Жергиликтүү кеңеш өзүлөрүнүн ыйгарым укуктары алкагында төмөнкүлөргө ээ:**

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бийик тоолуу жана алыскы калктуу конуштарга киргизилген айыл чарба жерлери үчүн айыл чарба жерлерин пайдалангандык үчүн жер салыгын төлөөдө ошол район үчүн жер салыгынын базалык ставкасынын 50 пайыз өлчөмдө жеңилдик бекитүүгө;

2) айыл чарба жерлерин пайдалангандык үчүн жер салыгынын базалык ставкасын кыртыштын бонитетин, ошондой эле айыл чарба жерлерин пайдаланбагандыгы үчүн ал жеткис күчтүн таасири болгон учурлардан сырткары, календардык жылдын ичинде бирден кем эмес көбөйтүүгө;

3) Кз зоналык коэффициентинин маанисин экономикалык-пландалуучу зоналардын өзгөчөлүктөрүнө жараша, өтүп жаткан жылдын 1-октябрынан кечиктирилбеген мөөнөттө 3 жылда бир жолу төмөнкү өлчөмдө: Бишкек шаарында - 0,6дан 3кө чейин, Ош шаарында - 0,3төн 3кө чейин, башка калктуу конуштарда - 0,3төн 1,2ге чейин белгилөөгө;

4) бузулган (деградацияланган, топурак кыртышы жана башка сапаттык көрсөткүчтөрү бузулган) рекультивациялоону талап кылган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, уюмдар, ошондой эле жеке адамдар айыл чарба муктаждыктары үчүн алган жерлерге жергиликтүү кеңештер тарабынан белгиленген мөөнөткө салык салбоого;

5) Жер пайдалануучу ал жеткис күчтүн кесепетинен материалдык зыян тарткан учурда 3 жылга чейинки мөөнөткө айыл чарба жерлерин пайдалангандыгы үчүн жер салыгын төлөөдөн толук же жарым-жартылай бошотууга;

6) Салык Кодексинин 159-1-беренесинде белгиленген жеңилдетилген салык салууга жаткан өнөр жай ишинин преференциялык түрлөрүнө таандык болгон ишканалар үчүн калктуу конуштардын жерлери жана айыл чарбалык эмес багыттагы жерлер боюнча жер салыгын төлөөдөн бошотууга ээ. Бошотуу мөөнөтүнүн чеги сатуудан алынган акчанын өлчөмүнө жана төлөнгөн киреше салыгынын суммасына жараша, кийин 10 жылга чейин узартуу укугу менен 5 жыл.

- Салык Кодексинин 344-беренесине ылайык, төмөнкүлөр үй жанындагы, короо жай жана багбанчылык-огороддук участокторду пайдалангандык үчүн жер салыгын төлөөдөн бошотулушат:

1) Улуу Ата Мекендик согуштун майыптары жана катышуучулары, мамлекеттер аралык макулдашуулар боюнча Афганистандагы жана башка өлкөлөрдөгү согушка катышкан аскер кызматчылары, Чернобыль АЭСиндеги кыйроону жоюуга катышкандар, ошондой эле бала чагынан майыптар, I жана II топтогу майыптар;

2) кызматтык милдеттерин аткарууда курман болгон же дайынсыз жок болгон аскер кызматчыларынын жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин үй-бүлө мүчөлөрү, анын ичинде балдары эрезеге жеткенге чейин;

3) пенсиялык куракка жеткен жеке адам;

4) 4 жана андан ашык эрезеге жете элек балдары бар жеке адам.

Айыл чарба жерлеринен алынуучу жер салыгынын суммасы төмөндөгү формула боюнча эсептелет:

**Н = С х П х Ки,** мында:

Н – жер салыгынын суммасы, С – жер салыгынын чени, П – жер участогунун аянты, га/чарчы.м, Ки – инфляциянын коэффициенти.

Инфляциянын коэффициенти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жыл сайын агымдагы жылдын 1-апрелинен кечиктирилбестен өткөн жыдын фактысы боюнча бекитилет. Инфляциянын коэффициенти белгиленбеген учурларда, ал өткүн жылдын коэффициентине барабар кабыл алынат. 2017-жылы инфляциянын коэффициенти Өкмөт тарабынан 1,034 барабар аныкталган. Насостук станциялар менен сугарыла турган жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгынын базалык чени тиешелүү райондун кайрак жери үчүн колдонулган чендерт боюнча белгиленет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бийик тоолуу жана алыскы конуштарга таандык кылынган калктуу конуштардын айыл чарба жерлери үчүн айыл сарба жерлерпин пайдалануу үчүн жер салыгын төлөөдө аталган район үчүн жер салыгынын базалык ченинин 50 пайызы өлчөмүндө жеңилдик берилет.

Жер салыгын администрациялоо укугу жана ыйгарым укуктары Мамлекеттик салык кызматынын райондук бөлүмдөрүнө жүктөлгөн.

Жер салыгын жыйноонун натыйжалуулугу төмөндөгү факторлорго байланыштуу болот:

- жер участокторунун түрлөрү жана өлчөмдөрү боюнча иш жүзүндөгү маалымдамалардын негизинде болжолдоо,
- жер салыгынын суммаларын өз убагында жана толук жыйноо,
- жыйналган каражаттарды, ошондой эле алынбай калган карыздарды толук эсепке алуу,
- салыктык карызды мажбурлап өндүрүп алуу жөнүндө мамлекеттик салык кызматынын алдында өз убагында демилге көтөрүү, мында жер участогун алып коюга чейин баруу.

Жогоруда саналып өткөн аракеттер ЖӨБ органдарынын, МСК, КР ФМ (казыналыктын) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматтарынын (мындан кийин КРӨ МКК) ортосундагы туруктуу өнөктөштүк мамилелер болгон шартта гана мүмкүн болот.

Короо-жай жана багбанчылык-огород участокторундагы жерлер үчүн салык төмөндөгү формула боюнча эсептелет:

**Н = С х П х К1,** мында:

Н – жер салыгынын суммасы, С –жер салыгынын чени, П – жер участогунун аянты, чарчы м, К1 – Салык кодексинин 338-статьясынын 2-бөлүгүндө белгиленген зоналык коэффициент.

**Айыл чарба багытындагы мамлекеттик жерлерди башкаруунун өзгөчөлүктөрү**

Айыл чарба жерлеринин жана жайыттардын Мамлекеттик фондундагы жерлер айыл чарба багытындагы мамлекеттик жерлер болуп эсептелет.

**Айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондундагы жерлер** – айыл чарба жерлеринен (жайыттардан башка) түзүлгөн жана мамлекеттик менчикте турган жер участоктору.

Айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондундагы жерлер:

- ачык жана айкын сооданын негизинде айыл чарба товарларын өндүрүүчүлөргө жана чарба жүргүзүүчү субъектилерге ижарага берүү үчүн;
- үрөнчүлүк, асыл тукум, тажрыйба-селекциялык, эксперименттик чарбалардын жана мамлекетик сорт сыноо мекемелеринин, ошондой эле айыл чарба кооперативдеринин иш жүргүзүшү үчүн;
- калктуу конуштарды өнүктүрүүнүн бекитилген башкы паландарына ылайык, алардын аймагын кеңейтүү үчүн;
- ушул чарбанын чегинен тышкары иштеген жана жашаган (анын ичинде ушул чарбадан чыккан), аталган чарбанын аймагына 1996-жылдын1-июлуна чейин туруктуу жашаган жерине келген жарандар үчүн чарбалык жер үлүшүнүн орто өлчөмүндө;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими боюнча мамлекеттик жана коомдук муктаждыктарды канааттандыруу үчүн пайдаланылат.

**Жайыттар** – чөп менен капталган айыл чарба жерлеринин түрү, малды тоюттандыруу үчүн мал жаюу жана жердин – эсептик маалымдамаларында чагылдырылган башка максаттарда пайдаланылат.

Жайыттарда мал жаюдан башка максаттарда да пайдаланууга болот, аларга аңчылык кылуу, аары өстүрүү, дарылык чөптөрдү, мөмөлөрдү жана жемиштерди жыйноо, чөп жана отун даярдоо, жалпы таралган пайдалуу кендерди алуу, туризм жана жарандардын эс алышы таандык кылынат, бирок бул ушуну менен эле чектелбейт.

Кыргыз Республикасында жерди пайдалануу, бюджеттен финансылануучу мамлекеттик жана муниципалдык жерди пайдалануучулардан башкалар үчүн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте бардык юридикалык жана жеке жактар үчүн акылуу болуп эсептелет.

Жер участогунун пайдаланылып жатканына же пайдаланылбай эле турганына карабастан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өзүнүн башкаруусуна жана тескөөсүнө өткөрүлүп берилген айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондундагы жерлер боюнча жер салыгын төлөөчү болуп эсептелет.

Мамлекеттик жана муниципалдык менчиктеги жерлер, анын ичинде айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондундагы жерлер пайдаланууга (ижарага) берилген учурда, жер участогун ижарага берген мамлекеттик же муниципалдык жерди пайдалануучу жер салыгын төлөчү болуп эсептелет. Бюджеттен каржылануучу жана өзүнүн тескөөсүндө жана пайдалануусунда, ага оперативдүү башкаруу жана чарба жүргүзүү укугунда өткөрүлүп берилген имарат жана/же курулуш жайгашкан жер участогу бар мамлекеттик же муниципалдык жерди пайдалануучу, чарбалык эсептеги уюмга жана/же жеке менчик формасындагы уюмга жана/же жеке адамга ижарага берилген жер участогу же анын үлүшү үчүн салыктан башка жер салыгын төлөөчү болуп эсептелбейт.

**Калктуу конуштардын жана айыл чарба багытында болбогон жерлерден алынуучу салык** да салыктын базалык чендерине жана жердин аянтына негизденүү менен эсептелет. Ошондой эле калктуу конуштардын жана айыл чарба багытында болбогон жерлерден базалык ставкалары тиешелүү коэффициенттерди колдонууда

туундуланат (дифференциаланат).

Жер салыгынын суммасын эсептөө төмөндөгү формула боюнча жүргүзүлөт:

Н = С х П х Ки х К1 х К2, мында

Н – жер салыгынын суммасы, С – жер салыгынын чени, П – жер участогунун аянты, чарчы м, Ки – инфляция коэффициенти, К1 жана К2 – Салык кодексинин 339-статьясында белгиленген коэффициенттер;

Тиешелүү коэффициент белгиленбеген учурларда, ал 1,0 барабар деп кабыл алынат.

Эгерде жер участогунда К2 коэффициентин коммерциялык пайдалануунун ар кандай коэффициенттери колдонула турган курулуштар жайгашса, аталган курулуштардын ар бирине таандык кылынган жер участокторунун үлүшү алар курулган аянттарга пропорционалдуу аныкталат.

Жерлердин аталган түрлөрү үчүн жер салыгынын болжолдуу суммасы бардык жерди пайдалануучулардын салыгынын суммасы катары эсептелет.

**Мүлк салыгы**

Мүлк салыгын төлөөчүсү болуп төмөндөгү уюм же жеке жак:

1) Колунда Кыргыз Республикасынын аймагында катталган мүлкү бар;

2) Каржылык ижара же ипотекалык насыя келишиминин алкагында сатылып алынган, Кыргыз Республикасынын аймагында катталган мүлкү бар уюм же жеке жак ушул мүлккө элик кылуу укугу келип чыккан айдан кийинки айдын биринен тартып мүлк салыгын төлөөчү болуп эсептелет.

Салык салуу объектиси болуп төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- мамлекеттик менчикте турган, мамлекеттик ишканага чарба жүргүзүү укугунда же оперативдүү башкаруу укугунда бекитилип берилген, ал эми мекемелерге – оперативдүү башкаруу укугунда бекитилип берилген мүлк;
- муниципалдык менчикте турган, муниципалдык ишканага чарба жүргүзүү же оперативдүү башкаруу укугунда бекитилип берилген, ал эми мекемелерге – оперативдүү башкаруу укугунда бекитилип берилген мүлк;
- жеке менчикте турган мүлк салык салуу объектиси болуп эсептелет.

Салык салынуучу мүлккө төмөндөгү объектилер таандык кылынат:

**1-топ:** туруктуу же убактылуу жашоо үчүн арналган, ишкердик кылуу үчүн пайдаланылбаган турак үйлөр, квартиралар, дача үйлөрү;

**2-топ:** ишкердик кылууга арналган жана/же пайдаланылган турак үйлөр, квартиралар, дача үйлөрү, пансионаттар, эс алуу үйлөрү, санаторийлер, курорттор, өндүрүштүк, административдик, ошондой эле ишкердик кылууга арналган жана/же пайдаланылган башка капиталдык курулуштар;

**3-топ:** ишкердик кылууга арналган жана/же пайдаланылган металл же башка конструкциялардан куралган, күркөлөр, контейнерлер сыяктуу убактылуу жайлар;

**4-топ:** транспорт каражаттары, анын ичинде өзү жүрүүчү машиналар жана механизмдер.

**1, 2 жана 3-топтогу мүлк объектисинин салыгын эсептөөнүн тартиби**

**Объектинин салык салынуучу наркы төмөндөгүдөй эсептелет:**

**НС = С х П х Кр х Кз х Ко**

мында:

НС – мүлк объектисинин салык салфынуучу наркы, сом;

С – салык салынуучу объектинин бир чарчы метринин салык салынуучу наркы, сом/чарчы м;

П – 2 жана 3-топтогу мүлк объектисинин жалпы аянты, чарчы м;

Кр – объектинин Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан жерине жараша салык салынуучу наркынын өзгөрүшүн эске алган региондук коэффициент;

Кз – объектинин калктуу конушта жайгашкан жерине жараша салык салынуучу наркынын өзгөрүшүн эске алган зоналык коэффициент;

Ко – 2 жана 3-топтогу мүлк объектилери үчүн колдонулуучу тармактык коэффициент.

1, 2 :жана 3- топтогу мүлк объектисинин бир чарчы метр аянтынын салык салынуучу наркы дубалдын материалына жана мүлк объектисинин пайдаланууга берилген жылына жараша төмөндөгүдөй өлчөмдөрдө белгиленет:

| Дубалдын материалы | Пайдалануу мөөнөтү | Бааланма наркы |
|---|---|---|
| Кыш | 5 жылга чейин | 15 000 |
| | 5-15 жыл | 14 000 |
| | 15-30 жыл | 13 000 |
| | 30-45 жыл | 12 000 |
| | 45 жылдан жогору | 10 000 |
| Жыгач | 5 жылга чейин | 13 000 |
| | 5-15 жыл | 12 000 |
| | 15-30 жыл | 11 000 |
| | 30-45 жыл | 10 000 |
| | 45 жылдан жогору | 8 000 |
| Жыйнама жана монолиттүү бетон жана темирбетон, бетон пескоблок, пеноблок пенобетон | 5 жылга чейин | 14 000 |
| | 5-15 жыл | 13 000 |
| | 15-30 жыл | 12 000 |
| | 30-45 жыл | 11 000 |
| | 45 жылдан жогору | 10 000 |
| Ак топурак (саман, чомолок, | 5 жылга чейин | 10 000 |
| | 5-15 жыл | 9 000 |
| | 15-30 жыл | 8 000 |
| | 30-45 жыл | 6 000 |
| | 45 жылдан жогору | 5 000 |
| Шлакоблок, полистиролдук курулуш блогу, блок | 5 жылга чейин | 9 000 |
| | 5-15 жыл | 8 000 |
| | 15-30 жыл | 7 000 |
| | 30-45 жыл | 6 000 |
| | 45 жылдан жогору | 5 000 |
| Металл | 30 жылга чейин | 10 000 |
| | 30 жылдан жогору | 8 000 |
| Башка материалдар жана убактылуу имараттар үчүн материалдар | 4 000 | |

Мүлк объектисинин салык салынуучу наркын эсептөөдө мүлк объектисинин дубалында басымдуулук кылган дубалдын материалы негиз катары алынат. Басымдуулук кылган материалды аныктоонун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

1-топтогу мүлк объектиси үчүн жалпы аянт салык төлөөчүнүн кыймылсыз мүлк укугун каттоону жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган тарабынан берилген техникалык паспортунда көрсөтүлгөн кыймылсыз мүлк бирдигинин ичинен ченелген жалпы аянтынын өлчөмү жөнүндө маалымдамалардын негизинде аныкталат.

Техникалык паспортто кыймылсыз мүлк бирдигинин ичинен ченелген жалпы аян-

тынын өлчөмү жөнүндө маалымдамалар жок болгон учурда, жалпы аянт сыртынан ченелип аныкталат.

2 жана 3-топтогу мүлк объектилери үчүн мүлк объектисинин жалпы аянты салык төлөөчүнүн кыймылсыз мүлк укугун каттоону жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган тарабынан берилген техникалык паспортунда көрсөтүлгөн, ишкердик кылууну: товарларды өндүрүүнү, кызматтарды көрсөтүүнү, жумуштарды аткарууну, товардык-материалдык баалуулуктарды сактоону жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланылган административдик, өндүрүштүк жана кампалык имарат-жайлардын жалпы көлөмү жөнүндө маалымдамалардын негизинде аныкталат.

Мүлк объектиси боюнча мүлк укугун каттоо жок болгондо жана/же салыктык база жана/же мүлк объектиси боюнча салык төлөөчү тарабынан аныкталган функциялык арналыш жана салык органдары тарабынан башка булактардан алынган документтик маалымдоолор менен туура келбеген учурда, дубалдардын материалы жана мүлк объектисинин аянты салык салуу максаттары үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте 1, 2 жана 3-топтогу мүлк объектисинин тышкы периметри боюнча тикелей ченөө аркылуу аныкталат, ал курамында тиешелүү салык органынын, кыймылсыз мүлк укугун каттоо боюнча мамлекеттик органдын, жегиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана мүлк объектисин иш жүзүндө пайдалануучулар болгон комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

Ченөөнүн натыйжасы үч нускадагы акт менен жол-жоболоштурулат, алар мүлк объектиси боюнча салыктык милдеттенмелердин суммаларын аныктоо үчүн салык органына, кыймылсыз мүлк объектилерин катоо боюнча аймактык органга, ошондой эле мүлк объектисинин иш жүзүндөгү пайдалануучусуна берилет:

| Облус жана райондун аталышы | Кр мааниси | Облус жана райондун аталышы | Кр мааниси |
|---|---|---|---|
| Баткен облусу | | Бакай-Ата району | 0,2 |
| Баткен району | 0,2 | Кара-Буура району | 0,2 |
| Лейлек району | 0,2 | Нарын облусу | |
| Кадамжай району | 0,2 | Нарын шаары | 0,3 |
| Кызыл-Кыя шаары | 0,1 | Ак-Талаа району | 0,1 |
| Сүлүктү шаары | 0,1 | Ат-Башы району | 0,1 |
| Жалал-Абад облусу | | Жумгал району | 0,1 |
| Аксы району | 0,2 | Кочкор району | 0,2 |
| Ала-Бука району | 0,2 | Нарын району | 0,2 |
| Базар-Коргон району | 0,2 | Ош облусу | |
| Ноокен району | 0,2 | Алай району | 0,2 |
| Сузак району | 0,3 | Араван району | 0,3 |
| Тогуз-Торо району | 0,1 | Кара-Кулжа району | 0,2 |
| Токтогул району | 0,1 | Кара-Суу району | 0,6 |
| Чаткал району | 0,1 | Ноокат району | 0,3 |
| Жалал-Абад шаары | 0,8 | Өзгөн району | 0,3 |
| Майлуу-Суу шаары | 0,1 | Чоң-Алай району | 0,1 |
| Кара-Көл шаары | 0,1 | Ош шаары | 0,9 |
| Таш-Көмүр шаары | 0,1 | Чүй облусу | |
| Ысык-Көл облусу | | Аламүдүн району | 0,8 |
| Ак-Суу району | 0,3 | Жайыл району | 0,4 |
| Жети-Өгүз району | 0,3 | Ысык-Ата району | 0,4 |
| Ысык-Көл району | 0,3 | Кемин району | 0,3 |
| Тоң району | 0,2 | Москва району | 0,4 |
| Түп району | 0,2 | Панфилов району | 0,2 |
| Каракол шаары | 0,6 | Сокулук району | 0,7 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Балыкчы шаары | 0,3 | Чүй району | 0,4 |
| Талас облусу | | Токмок шаары | 0,6 |
| Манас району | 0,1 | Кара-Балта шаары | 0,6 |
| Талас району | 0,2 | | |
| Талас шаары | 0,4 | Бишкек шаары | 1,0 |

Бишкек, Ош жана Жалал-Абад шарларынан башкалардын налык коэффициенти Кз 1 ге барабар болот.

Бишкек, Ош жана Жалал-Абад шарларынын зоналык коэффициентинин Кз мааниси жана нарктык зоналарынын чек аралары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдүү комитети менен макулдашуу боюнча салыктык мезгилдин ичинде кеминде бир жолу агымдагы жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен, 0,3 төн тартып 1,2 ге чейин белгиленет

**Тармактык (функциялык) коэффициент Ко төмөндөгүдөй өлчөмдөрдө белгиленет:**

| Тармактык таандуулугу (объектинин функциялык аталышы) | Мааниси |
|---|---|
| Мейманканалар, оюн-зоок жайлары, ломбарддар, акча алмашуу пункттары | 1,6 |
| Авто май куюу бекеттери | 1,6 |
| Чакан рыноктор, рыноктор, соода-рынок борборлору, комплекстер | 1,0 |
| Коомдук тамак-аш, соода, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү ишканалар | 0,8 |
| Темир жол вокзалдары жана автовокзалдар, авто бекеттер, темир жол транспортунун жүк станциялары | 0,7 |
| Администрациялык, офистик имараттар, бизнес-борборлор, банктар | 0,6 |
| Транспорт ишканалары, автосервис, байланыш жана энергетика ишканалары | 0,5 |
| Коргоо-спорттук-техникалык уюмдар | 0,3 |
| Айыл чарбасындагы өндүрүштүк имараттар | 0,3 |
| Санаторийлер, пансионаттар, эс алуу үйлөрү | 0,8 |
| Өнөр жай, курулуш ишканалары | 0,2 |

Мүлк объектисинин тармактык таандуулугу (функциялык арналышы) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте аныкталат.

Эгерде Кр, Кз, Ко коэффициенттери белгиленбесе, алардын мааниси 1 ге барабар деп кабыл алынат.

Салыктын чени төмөндөгүдөй өлчөмдөрдө белгиленет:

1) 1-топтогу объектилер үчүн - салык салынуучу базанын 0,35 пайызы өлчөмүндө;

2) 2 жана 3-топтогу мүлк объектилери үчүн – салык салынуучу базанын 0,8 пайызы өлчөмүндө белгиленет.;

3) 4-топтогу мүлк объектилери үчүн салыктын чени:

а) ичинен күйүүчү кыймылдаткыч менен иштеген:

б) «а» пунктчасында каралбаган, ичинен күйүүчү кыймылдаткычы барлар же ичинен күйүүчү кыймылдаткычы жоктор үчүн - баланстык наркынын 0,5 пайызы өлчөмүндө;

в) ичинен күйүүчү кыймылдаткычы жана баланстык наркы жоктор үчүн, - Салык кодексинин 2-статьясынын «в» пунктчасына ылайык аныкталуучу наркынын 0,5 пайызы өлчөмүндө белгиленет.

| Транспорттун түрү | Пайдалануу мөөнөтү анын ичинде даярдоочу заводдон чыгарылган датасы | Салыктын чени кыймылдаткычтын ар бир 1 куб. см жумушчу көлөмүнөн сом менен |
|---|---|---|
| Жеңил автомобилдер, фургондор жана жеңил автомобилдердин базасындагы пикаптар | 5 жылга чейин<br>5тен 10 жылга чейин<br>10дон 15 жылга чейин<br>15 жылдан жогору | 0,90<br>0,75<br>0,60<br>0,45 |
| Жүк ташуучу автомобилдер, автобустар, микроавтобустар | 5 жылга чейин<br>5тен 10 жылга чейин<br>10дон 15 жылга чейин<br>15 жылдан жогору | 0,75<br>0,60<br>0,45<br>0,30 |
| Өзү жүрүүчү машиналар жана/же механизмдер: тракторлор, комбайндар жол-курулуш машиналары | 15 жылга чейин<br>15 жылдан жогору | 0,30<br>0,15 |
| анын ичинде: Өзү жүрүүчү машиналар жана/же механизмдер(айыл чарба өндүрүшүндө пайдаланылган тракторлор жана комбайндар), | 15 жылга чейин<br>15 жылдан жогору | 0,10<br>0,05 |
| Мотоциклдер, мотороллерлер, мопеддер, мото чаналар жана моторлуу кайыктар, катерлер Кемелер, теплоходдор | 10 жылга чейин<br>10 жылдан жогору | 0,15<br>0,09 |
| Яхталар жана суу мотоциклдери | 5 жылга чейин<br>5 жылдан жогору | 1,8<br>1,2 |

Төмөнкүлөр салык салууга жатпайт:

1) Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык чет өлкөлөрдүн дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн, консулдук мекемелеринин жана эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрүнүн мүлк объекттери;

2) ушул объекттин менчик ээсине таандык, төмөнкү өлчөмдөн ашпаган 1-топтогу бир мүлк объектисинин аянты:

3) I жана II топтогу майыптар коомунун, Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр коомунун уюмдарынын, мында майыптар, азиздер жана дүлөйлөр иштегендердин жалпы санынын 50 пайыздан кем эмесин түзсө жана алардын эмгек акысы жалпы эмгек акы төлөө фондунун 50 пайыздан кем эмесин түзсө, ошондой эле жазык-аткаруу системасынын мекемелеринин жана ишканаларынын жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Мамлекеттик адистештирилген күзөт кызматынын башкы башкармалыгынын мүлк объектилери. Аталган ишканалардын тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат;

4) илим, билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, спорт, социалдык камсыздоо жана балдарды же улгайган курактагы аз камсыз болгон жарандарды социалдык камсыздоо чөйрөсүндө иш аткарган уюмдардын 2 тобунун мүлк объектилерине салык салынбайт.

| Мүлк салыгы салынбаган, 1-топтогу мүлк объектисинин аянты, калктуу конуштардагы калктын санына жараша, чарчы м | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Мин адам | 5тен | 5тен 10го чейин | 10дон 20га чейин | 20дан 50ге чейин | 50дөн 100гө чейин | 100дөн 200гө чейин | 200дөн 500ге чейин | 500 жана жогору |
| Турак үй, дачалык үй, чарчы м | 360 | 330 | 300 | 270 | 240 | 210 | 180 | 150 |
| Квартира, чарчы м | 290 | 260 | 230 | 200 | 170 | 140 | 110 | 80 |

Мүлк салыгын төлөөдөн төмөндөгүлөр бошотулат:

1) Кыргыз Республикасынын жогорку артыкчылык даражасына татыктуу болгон адамдар: «Кыргыз Республикасынын Баатыры», Советтер Союзунун жана Социалисттик Эмгектин Баатырлары, Баатыр энелер, Даңк жана Эмгектик Даңк ордендеринин үч даражасы менен сыйлангандар, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары жана майыптары, мамлекеттер аралык макулдашуулар боюнча Ооганстандагы жана башка өлкөлөрдөгү согуштарга катышкан аскер кызматчылары, же болбосо ССРди, Кыргыз Республикасын коргоодо алынган жарадар болуунун, контузия алуунун же мертинүүнүн натыйжасында майып болуп калган, же аскер кызматынын башка милдеттерин аткарууда же майданда болгондугунун натыйжасында дартка чалдыккан аскер кызматчылары, пенсиялык камсыздоо боюнча аталган аскер кызматчыларынын категорияларына теңештирилген майыптар, Улуу Ата Мекндик согуштун майыптарынын жесирлери, ошондой эле I жана II топтогу майыптар 1 жана/же 4-топтогу салык салуу объектиси болуп эсептелген бир объект же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык адамдын мүлкүнө салык салуудан бошотулган үлүшүнө туура келген объектинин бир бөлүгү салык салуудан бошотулат.

Ушул бөлүктө көрсөтүлгөн адамдар 1 жана 4-топтогу мүлк үчүн салык төлөөдөн тиешелүү салык салынуучу мүлк объектиси боюнча төлөнүүгө тийиш болгон сумманын 50 пайызы өлчөмүндө салык төлөөдөн бошотулат;

2) мото арабалары же кол менен башкарылган автомобилдери бар майыптар – аталган автотранспорт боюнча салыктан бошотулат.

Мүлк салыгы боюнча жергиликтүү кеңеш укуктуу:

1) салык төлөөчү ал жеткис күчтүн кесепетинен материалдык зыян тарткан учурларда 3 жылга чейинки мөөнөткө мүлккө салык төлөөдөн толук же жарым-жартылай бошотууга;

2) өндүрүш көлөмүн жана/же чыгарылуучу продукцияны кайра иштетүүнү жылына 30,0 миллион сомдон кем эмес камсыз кылган шартта продукция чыгаруу жана/же кайра иштетүү боюнча иш жүргүзүүчү жаңыдан түзүлгөн уюмдар үчүн 5 жылга чейин мөөнөткө мүлк салыгын төлөөдөн бошотууга.

3) Салык Кодексинин 159-1-беренесинде белгиленген жеңилдетилген салык салууга жаткан өнөр жай ишинин преференциялык түрлөрүнө таандык болгон ишканалар үчүн мүлккө салыкты төлөөдөн толугу менен бошотууга. Бошотуу мөөнөтүнүн чеги сатуудан алынган акчанын өлчөмүнө жана төлөнгөн киреше салыгынын суммасына жараша, кийин 10 жылга чейин узартуу укугу менен 5 жыл. Ал эми өнөр жайлык иштин преференциялык түрлөрүнүн тизмегине киргизилген ишканалар салык салынуучу объекттерди башка чарба жүргүзүүчү субъекттерге пайдаланууга, ишенимдүү башкарууга же ижарага берген учурларда мүлк салыгын төлөөдөн толук бошотулбайт.

**Сатуулардан алынуучу салык**

Сатуудан алынуучу салыкты төлөөчү Ата-Мекендик уюм, Кыргыз Республикасындагы туруктуу мекеме аркылуу ишти жүзөөгө ашырып жаткан чет өлкөлүк уюм, ошондой эле жеке ишкер болуп саналат.

Сатуулардан алынуучу салык объектиси товарларды сатуу, жумуштарды аткаруу, кызматтарды көрсөтүү болуп саналат.

Салыктык база товарларды, жумуштарды, кызматтарды, сатуудан түшкөн акча болуп эсептелет, мында КНС жана сатуулардан алынган салык эсепке алынбайт.

Сатуудан салыктын ставкасы төмөнкүдөй белгиленет:

1) накталай түрдө төлөнгөн КНС салынуучу жана/же КНС бошотулган товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатууда:

а) 1 пайыз өлчөмүндө - соода иши үчүн;

б) 2 пайыз өлчөмүндө - ушул пункттун «а» пунктчасында каралбаган иш үчүн;

2) КНС салынуучу жана накталай эмес формада төлөнгөн КНС бошотулган товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатууда - 0 пайыз өлчөмүндө.

3) Төлөнгөн товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатууда ушул беренени 1-бөлүгүндө каралбаган учурларда, сатуудан салык ставкасы төмөнкүдөй белгиленет, накталай формада:

а) 2 пайыз өлчөмүндө - соода иши үчүн;

б) 3 пайыз өлчөмүндө - ушул бөлүктүн 1-пунктунун «а» пунктчасында каралбаган иш үчүн;

4) накталай эмес формада – 0 пайыз өлчөмүндө.

Сатуудан салык ставкасы банк үчүн 2 пайыз өлчөмүндө жана уюлдук байланыш чөйрөсүндөгү иш үчүн 5 пайыз өлчөмүндө белгиленет.

Салыктын болжолунун эсеби аталган Тизмеге ылайык аныкталган салык салуу базасына карата салыктын иш жүзүндөгү ченин колдонуу аркылуу иш жүзүндөгү салыктык чендин жана салыктын ийкемдүүлүгүнүн ыкмаларын колдонуу менен жүргүзүлөт.

**Патенттин негизиндеги салык**

Киреше салыгынын белгилүү бир үлүшү патенттештирүү системасы тарабынан алынат Киреше салыгынын ушул категориясы боюнча түшүүлөрдүн болжолдуу суммасын эсептөө үчүн аталган аймактагы патенттин белгиленип коюлган чендерине, жеке ишкерлердин санына негизделиш керек..

Түшүүлөрдүн болжолу иштин ар бир түрү боюнча өзүнчө төмөндөгүдөй жүргүзүлөт:

**ишкерлердин саны *патенттин чени* 12 ай (*)**

*Патент* – бул мамлекеттик салык инспекциясы тарабынан гана бериле турган документ. Патент жеке ишкер каттоодо турган же өзүнүн ишкердик кылуу ишин аткарган райондогу мамлекеттик салык кызматы тарабынан берилет. Патент эмгек келишими (контракт, жалдануу боюнча) боюнча иштеген адамдардын акы төлөө булагынан кармалган киреше салыгынан башка учурларда, сиздин өзүңүздүн ишкердик кылуу ишиңизди жүзөгө ашыруу үчүн бардык зарыл салыктарды төлөгөндүгүңүздүн фактысын ырастап турат.

Юридикалык жакты түзбөгөн жеке адамдарды мамлекеттик катоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартипте жүзөгө ашырылат.

**Ыктыярдуу патенттештирүү**

Патент иштин ар бир түрүү үчүн өзүнчө берилет. Патенттерди берүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин нормаларынын талаптарын ишке ашыруу” жөнүндө 2008-жылдын 30-декабрындагы №736 токтому жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтнүн “Иштин түрлөрү боюнча ыктыярдуу патенттин негизинде салыктын базалык суммасын бекитүү” жөнүндө 2015-жылдын 25-июнунуда № 418 токтому аркылуу жөнгө салынат.

Салыктын базалык суммасынын чектеринде ыйгарым укуктуу салык органы сезондулуукка кирешелүүлүкө, иштин түрүнө жана жүргүзүлгөн жерине жараша салыктын суммасына корректировка жүргүзүнө укуктуу.

**Милдеттүү патенттештирүүдөн түшкөн кирешелер**

Салык Кодексине ылайык экономикалык иштин айрым түрлөрү боюнча салык түрү милдеттүү түрдө патентик негизде жүргүзүлөт. Милдеттүү патенттин негизиндеги салык ишкердиктин белгилүү бир түрлөрүнө милдеттүү негизде төлөнөөрү КРнын Салык Кодексинин 348-349-беренелеринде бекитилген.

*(*) иштин сезондуулугуна байланыштуу иштин айрым түрлөрүнүн айларынын саны аз болушу мүмкүн.*

Аталган тизмеге ылайык, сауна, мончо кызматы, бильярд кызматы, акча алмаштыруу бюросунун кызматы, дискотека жана түнкү клубдар кызматы, сутка бою иштөөчү автотуруктардын кызматы, ломбарддар кызматы, чач тарачтардын жана сулуулук салондорунун кызмат көрсөтүүлөрү, менчик стоматологиялардын кызмат көрсөтүүлөрү, жарнама такталарын ижаралоо кызмат көрсөтүүлөрү, автотранспорт каражаттарын жуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр, айыл чарба продукцияларын экспорттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр патентик негизде милдеттүү салык салууга жатат.

Салыктын суммасы салыктык базага , салыктын ченине негизденүү менен, корректировка коэффициентерин эсепке алуу менен аныкталат. Төлөнүүгө тийиш болгон салыктын суммасын аныктоодо салык салынуу объектисинин жайгашкан жерине жараша төмөндөгүдөй корректировкалык коэффицентери колдонулат:

| **Калктуу конуштардагы калктын санына жараша коэффициенттер** | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 500 дөн ашык | 250-500 | 100-250 | 50-100 | 20-50 | 10-20 | До 10 |
| 1 | 0,7 | 0,6 | 0,5 | 0,4 | 0,3 | 0,1 |

Калктуу конуштардын калкынын санына карабастан бильярд кызматына, 100 ашык орундары бар автотуруктардын кызматына салыкты эсептөөдө 1ге барабар коэффициент колдонулат. Калктуу конуштардын чегинен тышкары көрсөтүлгөн кызматтар боюнча салыкты эсептөөдөө жакын жайгашкан калктуу конуштар үчүн белгиленген коэффициенттер колдонулат.

Милдеттүү патенттештерүүдөн киришелердин түшүшүнүн болжолу субъектердин санына жана патентин белгиленген базалык чендерине негизденүү менен экономикалык иштин ар бир түрү боюнча өзүнчө жүзөөгө ашырылат.

Салыктын суммасын эсепөө үчүн төмөндөй салыктык база жана салыктын чени колдонулат:

| **Ишкердик кылуунун түрлөрү** | **Салыктык база** | **Салыктык мезгил үчүн салыктын чени** |
|---|---|---|
| 1) сауналардын, мончолордун кызмат көрсөтүүлөрү | 1 сауна, мончо, жалпы аянты: | |
| | 150 кв.м чейин | 30 000 сом |
| | 150 кв.м ашык | 50 000 сом |
| 2) бильярд кызмат көрсөтүүлөрү | 1 стол | 10 000 сом |
| 3) акча алмаштыруу бюросунун кызмат көрсөтүүлөрү | 1 лицензияланчу объект | 20 000 сом |
| 4) дискотекалардын жана түнкү клубдардын кызмат көрсөтүүлөрү | 1 дискотека, түнкү клуб | 100 000 сом |
| 5) сутка бою автотуруктардын кызмат көрсөтүүлөрү | 1 токтоочу орун | 100 сом |
| 6) ломбарддар кызмат көрсөтүүлөрү | 1 объект | 15 000 сом |
| 7) чач тарачтардын жана сулуулук салондорунун кызмат көрсөтүүлөрү | 1 орундук кресло | 2 000 сом |
| 8) менчик стоматологиялардын кызмат көрсөтүүлөрү | 1 орундук кресло | 5 000 сом |
| 9) жарнама такталарын ижаралоо кызмат көрсөтүүлөрү | 1 жарнама тактасы | 5 000 сом |
| 10) автотранспорт каражаттарын жуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрү | 1 жуугуч-орун | 4 000 сом |

| | | |
|---|---|---|
| 11) айыл чарба продукцияларын экспорттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 1 автомашина жүгү менен, салмагы: | |
| | 4 тоннага чейин | 300 сом |
| | 4 тоннадан 8 тоннага чейин | 600 сом |
| | 8 тоннадан 12 тоннага чейин | 900 сом |
| | 12 тоннадан жогору | 2 000 сом |

**Чакан ишкерликтин субъектилери үчүн бирдиктүү салык**

Чакан ишкерликтин субъектерине колдоо көрсөтүү жана алардын ишин активдештирүү максатында салык мыйзамдарында салык салуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн системасын колдонуу каралган.

Салык салуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн системасында чакан ишкерлик субъектилеринин Салык Кодексине ылайык салык салынууга тийиш болгон ишине карата бирдиктүү салык төлөө укугу каралат, ал пайдадан алынуучу салыктын жана сатуудан алынуучу салыктын ордуна колдонулат:

Эгерде бир эле мезгилде төмөндөгү шарттар сакталса, уюм же жеке ишкер чакан ишкерликтин субъектиси болуп эсептелет:

1) жыл үчүн акчанын көлөмү КНС боюнча каттоо чегинин өлчөмүнөн ашпаса;

2) КНС боюнча салык төлөөчү болуп саналбаса.

Бирдиктүү салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы төмөндөгүлөргө жайылтылбайт:

3) патентин негизинде салык төлөөчү субъектилерге;

4) финансылык камсыздандыруу кызматтын көрсөткөн субъектилерге;

5) инвестициялык фонддорго;

6) баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучуларына;

7) акциз салыгын төлөөчүлөргө

8) коомдук тамактануу субъекттерине;

9) курорттук-ден соолукту чыңдоо чөйрөсүнүн субъекттерине жайылтылбайт.

Салык төлөөчү иштин түрлөрүнө жараша ставкалар боюнча салыкты төмөнкүдөй өлчөмдөрдө төлөйт:

1) айыл чарба продукциясын кайра иштетүү үчүн, өндүрүштүк чөйрө үчүн, соода үчүн:

а) 4 пайыз - накталай формада;

б) 2 пайыз - накталай эмес формада;

2) иштин калган түрлөрү үчүн:

а) 6 пайыз - накталай формада;

б) 3 пайыз - накталай эмес формада.

Түшүүлөрдүн ушул булагы боюнча болжолдуу суммаларды эсептөөнүн варианттарынын бири катары чакан ишкерликтин өнүгүш тенденциясын чагылдырган статистикалык маалыматтар жетишсиз болгондо, бирдиктүү салыктын түшүшүнүн динамикасына жөнөкөй талдоо жүргүзүү кызмат кыла алат, мында жагымдуулуктун деңээлине негизденүү менен ушул система боюнча салык салынуучу суъбектилердин санынын өзгөрүшү эске алынат.

Мында чакан ишкерликтин тенденциясын чагылдырган айрым статистикалык жана башка көрсөтүчтөргө мүмкүнчүлүк болгон учурда, кыйла ар тараптуу талдоо жүргүзүү мүмкүн болот.

**Жер казынасынан алынуучу салык (роялти)**

КРнын Салык кодексине ылайык жер казынасын пайдалануу үчүн салыктар:

- бонустар - пайдалуу кен чыккан жерлерди издөө, чалгындоо жана иштетүү максатында жер казынасын пайдалануу укугу үчүн бир жолку төлөмдөр;
- роялти - пайдалуу кен чыккан жерлерди иштетүү жана/же жер астындагы сууларды алуу (жер түпкүрүнөн чыгаруу) максатында жер казынасын пайдалануу үчүн күнүмдүк төлөмдөр.

Жер казынасын пайдаланганы үчүн салыктарды төлөөдөн төмөнкүлөр бошотулат:

1) жеке ишкердикти жүзөгө ашыруу менен байланышпаган, ага таандык же анын пайдалануусунда турган жер участогунан кум, топурак, кум-шагыл аралашмасын казып алууну жана жер астындагы сууларды алууну жүргүзгөн жер участогунун менчик ээси же жерди пайдалануучу;

2) өзгөчө экологиялык, жаратылышты коргоочулук, илимий жана тарыхый-маданий мааниге ээ, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүү үчүн жер казынасынын участогун алган субъект;

3) тоо кен, байытуу, кокс-химиялык жана металлургиялык өндүрүш калдыктарын кайра иштетүүчү субъект;

4) республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүүчү жер казынасын иликтөө боюнча геологиялык, геофизикалык жана башка иштерди, илимий-изилдөө иштерин, анын ичинде жер титирөөлөрдү болжолдоону, инженердик-геологиялык изилдөөлөрдү жана геоэкологиялык иликтөөлөрдү, ошондой эле жер казынасынын бүтүндүгүн бузбастан жүргүзүлүүчү башка иштерди аткаруучу субъект.

“Кыргыз Республикасынын 2018 жана 2019-2020-жылдарга республикалык бюджет жөнүндө“ Мыйзамына ылайык жергиликтүү бюджеттердин киреше булагынын курамына алтын, мунай жана газ чыккан жерлерден башка жер казынасын пайдалануу үчүн салыктын түрлөрүнүн биринин 50 пайызы киргизилет. Ушул жаңы киргизүүнүн эсебинен жергиликтүү бюджетердин киреше базасын кеңейтүү үчүн негиз:

- ЖӨБ органдары тарабынан жарандарга көрсөтүлүп жаткан кызматардын сапатын жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн, социалдык-экономикалык милдеттери чечүүнү камсыз кылуу үчүн жергиликтүү бюджетердин кирешелик потенциялын күчөтүүнүн зарылдыгы.
- коомдук ынтымагын камсыз кылуу жана кен казып алуучу компаниянын туруктуу ишин камсыз кылуу үчүн жергиликтүү калктын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, бизнес- структуралардын ортосундагы өнөктөштүктүн денгээлин жогорлатуунун зарылдыгы.
- ЖӨБ органдарынын кен тармагына инвестицияларды тартуу үчүн шарттарды түзүү боюнча жүйөлөрүнүн деңгээлин жогорулатуу зарылдыгы болуп саналат.

Төмөнкүлөрдү жүзөгө ашыруучу ата мекендик уюм, туруктуу мекеме аркылуу Кыргыз Республикасында ишти жүзөгө ашырган чет өлкөлүк уюм, жеке ишкер роялти салыгын төлөөчү болуп саналат:

1) пайдалуу кен чыккан жерлерди иштетүүнү;

2) жер астындагы сууларды алууну (жер түшкүрүнөн чыгарууну);

3) көмүртек чыккан жерлерди издөөдө жана чалгындоодо тажрыйбалык сыноолор процессинде мунайзатты жана газды кошумча түрдө алууну;

4) тажрыйбалык-өнөр жайлык сыноо жана/же өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу же жоюу максатында пайдалуу кендерди бир жол казып алууну.

Жер казынасынан пайдалуу кендерди алуу максатында жер казынасын пайдалануу укугу роялти салыгын салуу объектиси болуп саналат.

Роялтинин салыгынын базасы төмөнкүлөр болот:

1) пайдалуу казындыларды, ошондой эле пайдалуу казындыларды иштетүүдөн алынган продукцияны сатуудан түшкөн акча, КНСти жана сатуудан алынуучу салыкты эсепке албастан;

2) сатылган продукциянын көлөмү натуралай өлчөмүндө;

3) жер астынан алынган суунун өлчөгүч менен ченелген көлөмү - суу менен камсыздоочу атайын уюмдардан башка роялти салыгын төлөөчүлөр үчүн.

Роялтинин чени сатылган продукциянын көлөмүнө, алынган суунун натуралай көрүнүшүнө жараша төмөндөгүдөй өлчөмдөрдө белгиленет:

| Пайдалуу кендер | Өлчөө бирдиги (салык базасы) | Ставка (пайыз же сом менен) |
|---|---|---|
| Ичүүчү суу катары куюштуруу үчүн минералдык жана тузсуз суулар | куб. м | 200 |
| Дартты дарылоо үчүн минералдык жана термалдык суулар | куб. м | 0,05 |
| Жылытуу үчүн термалдык суулар | куб. м | 0,12 |
| Ичүүчү тузсуз суулар | кум | 0,15 |
| Техникалык тузсуз суулар | куб. м | 0,10 |
| Айыл чарба өндүрүшү үчүн суулар | куб. м | 0,01 |

Роялтинин чени сатуудан түшкөн акчага жараша белгиленет:

1) алтынга, күмүшкө жана платинага запастардын өсүшүнө жараша:

а) запасы 10 тоннадан ашык кен чыккан жерлер үчүн - 5 пайыз;

б) запасы 3 тоннадан 10 тоннага чейинки кен чыккан жерлер үчүн- 3 пайыз;

в) запасы 3 тоннадан аз кен чыккан жерлер үчүн - 1 пайыз.

2) суу менен камсыз кылуунун адистештирилген уюмдары үчүн - 5 пайыз өлчөмүндө;

3) гипске - 6 пайыз өлчөмүндө;

4) каптама материалдарды өндүрүү үчүн пайдаланылган табигый таштарга - 12 пайыз өлчөмүндө;

5) таш көмүргө, күрөң көмүргө – 1 пайыз өлчөмүндө.

Сатылган пайдалуу кендердин же аларды кайра иштетүү продуктуларынын мыйзамда каралбагандары, роялти ставкалары эсептелген салык базасынын 3 пайыз өлчөмүндө белгиленет.

Роялтинин салыктык мезгили бир календарлык ай болот.

Роялтинин салык төлөөчүсү салыктык отчеттуулукту жана роялти төлөөнү эсептик катталган жери боюнча отчеттук айдан кийинки айдын 20сынан кийинки күндөн кечиктирбестен жүргүзөт.

Салыктын ушул түрү боюнча болжолдоо жүргүзүүнүн методикасы сатуудан түшкөн акчанын көлөмүнүн көрсөткүчтөрүнө негизделүүгө тийиш.

ЖӨБ органдарынын, Мамлекеттик салык кызматынын жана статистика органдарынын өнөктөштүгү жана өз ара пайдалуу кызматташтыгы төмөндөгү милдеттерди аткарууга көмөк көрсөтүүгө тийиш:

- Сатылган продукциянын көлөмү жөнүндө негизделген объективдүү маалыматты алмашуу.
- Кен казып алган ишканадан сатылган продукциялардын көлөмү тууралуу маалыматтарды дайыма берүү (алуу);
- ЖӨБО киреше боюнча адистерин барып текшерүүгө алуу үчүн жалдоо.
- Салыктын ушул түрүн жыйноонун натыйжалуулугу төмөндөгү факторлорго жараша болот:
- МСК менен өнөктөштүктө минералдык ресурстарды алууну жүзөгө ашырган

ишканалардын эсебин жүргүзүүгө;

- Салыктын аталган түрү боюнча кирешени болжолдоо үчүн маалымат алууга (сатуунун көлөмү, кенди алуунун көлөмү);
- Өткөн мезгил үчүн роялтинин төлөнгөн суммалары боюнча ГНСтен маалымат алууга;
- Роялтинин 50%ынын жергиликтүү бюджетке чегерилгендиги боюнча казыналыктан маалымат алууга;
- Роялти боюнча кирешелердин болжолунун атакарылышынын мониторинг жүргүзүү.

**Салыктык эмес кирешелер**

Салык эмес түшүүлөрдүн айрым статьяларынан түшүүлөрдүн суммаларын болжолдоо өткөн жылдардагы маалымдамалардын динамикасынын негизинде баа берүү зарыл. Мында салыктык эмес түшүүлөрдүн түшүүш деңгээли, мыйзамдын негиздеринин өзгөрүшү, аларды алуунун тартиби сыяктуу факторлорду эске алуу керек болот. Кирешелердин ушул булактарынын айрым көрсөткүчтөр менен өз ара байланыштары байкалбаган учурда, олуттуу даражада субъективдүү ой жүгүртүүлөргө жана эксперттик баа берүүгө таянууга болот.

**Айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондундагы (АЧЖМФ) жерлерди пайдалануу үчүн ижара акысынан түшкөн кирешелер**

АЧФМФнын жерлерин ижарага берүү - жергиликтүү кеңеш тарабынан жер участогун айыл чарба жерлерин убакыттын белгилүү бир мезгилинин ичинде, белгилүү бир акы төлөө менен аны айыл чарбамаксаттары үчүн пайдалануу укугу менен ижарага алуучуга берүү.

Мыйзамдарга ылайык Фонддун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби, анын ичинде чектелген акыны аныктоо, баштапкы жергиликтүү кеңештер тарабынан белгиленет. Ушуга байланыштуу ижарадан кирешелердин болжолдуу түшүүлөрүнө баа берүү аталган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аймагында белгиленген шарттарга жана чектелген наркка негизделүүгө тийиш. Болжолдун эсеби берилип жаткан жер аянтынын көлөмүнө, жерлердин категорияларына, ижара келишимине ылайык белгиленген ижаранын мөөнөттөрүнө жана суммасына негизденүү, жерлерди ижарага берүүнүн бардык келишимдеринин реестрин түзүү менен жүргүзүлүүгө тийиш.

Эсептөөлөрдө аталган айыл өкмөтүнүн аймагында жашаган аз камсыз болгон жарандарга жергиликтүү кеңеш тарабынан Фонддогу жер участогун пайдалануу укугун берген ижара келишими өзүнчө эске алынууга тийиш.

**Муниципалдык менчикти башкаруудан жана тескөөдөн алынган кирешелер**

ЖӨБ органдарынын муниципалдык менчикти тескөөгө болгон укугу «Мүлккө болгон муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык аныкталган. Төмөндөгүлөр: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлигинде, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган жергиликтүү коомчулуктардын менчиги муниципалдык менчик деп табылат.

Муниципалдык менчикти ижарага алуудан түшкөн кирешелердин болжолу келишимдин шарттарына, мөөнөттөрүнө жана ижаралык төлөмдөрдүн өлчөмдөрүнө негизденүү менен, муниципалдык менчик объектилеринин Реестринин негизинде жүргүзүлүүгө тийиш. Мыйзамдарга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары муниципалдык менчик объектилеринин реестрине ээ болууга жана аны жүргүзүүгө милдеттүү экендигин белгилей кетүү керек.

**Автотранспорт токтотуу жана токтотуучу жай үчүн жыйым**

Атайын жабдылган же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары тарабынан ушул максаттарда бөлүп берилген жерлерде автомашиналарды токтотуу жана токтотуучу жайларды берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашыруучу юридикалык жана жеке жактар жыйымдарды төлөөчүлөр болуп саналат.

Автотранспорт каражатын токтотуу жана токтотуу жайы үчүн жыйымдын өлчөмү, аны тескөө жана төлөө тартиби транспорт токтотуунун же токтотуучу жайдын ордун, суткадагы убактысын жана токтотуунун узактыгын, транспорттун түрүн эске алуу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү өкүлчүлүктүү органы тарабынан, анын аткаруучу органынын сунушу боюнча белгиленет.

**Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйым**

Капиталдык жана/же убактылуу курулуштун ээси жыйымды төлөөчү болуп саналат. Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйым жергиликтүү кенешинин ченемдик укуктук актысы менен күчүнө киргизилет.

Жыйым ставкасынын чоңдугу жергиликтүү кенештин чечими менен, айыл өкмөтүн (мэриянын) сунушу боюнча бир жашоочуга же курулуштун бир чарчы метр аянтына бир эсептик көрсөткүчтөн көп эмес өлчөмдө белгиленет.

Жеке жактар - ишкердик иш үчүн багытталбаган турак жай курулуштарынын ээлери ар бир жашоочу үчүн жыйым төлөйт.

Жеке жана юридикалык жактар - ишкердик иши үчүн арналган имараттардын ээлери, анын ичинде курулушту же анын бир бөлүгүн ижарага берүүчүлөр бекитилген аянтты жана жумушчулардын санын эсепке алган ставканын өлчөмүндө жыйым төлөшөт.

Мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган курулуштар үчүн акыны мындай мүлк бекитилип берилген уюмдар, ишканалар жана мекемелер төлөшөт.

Жыйым жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы белгилеген мөөнөттө тийиштүү жергиликтүү бюджетке төлөнөт.

**Акы төлөнүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар**

Акы төлөнүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрлерине ылайык кызмат көрсөтүүлөрдөн киреше түрүндө алынуучу каражаттар кирет.

Акы төлөнүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүчү каражаттардын ичине төмөнкүлөр кирбейт:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген милдеттүү төлөмдөр;

2) айыптар, туумдар жана башка финансылык санкциялар;

3) укук бузуудан келтирилген зыяндын ордун толтуруу түрүндө түшкөн каражаттар, ошондой эле конфискацияланган товарларды, укук бузуулар жасалган куралдарды жана башка продукцияларды сатуудан алынган каражаттар.

Акы төлөнүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттарды топтоонун жана пайдалануунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

**Муниципалдык мүлктү ижарага берүүдөн алынуучу ижара акысы**

Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыз кылуу органдарынан тышкары, муниципалдык мүлккө ээлик кылуу же тескөө укугуна ээ болгон субъект төлөөчү болуп саналат.

Муниципалдык мүлктү ижарага берүү үчүн ижара акысынын өлчөмү жергилик-

түү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан аныкталган тартипте белгиленет.

Муниципалдык мүлктү ижарага берүүдөгү ижара акысы ижарачылар тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык мүлктү ижаралоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарына ылайык түзүлгөн ижара келишиминде каралган тартипте жана шарттарда төлөнөт.

Муниципалдык менчикке таандык мүлктү ижаралоодо ижара акысы жергиликтүү бюджеттерге чегерилет.

**ЖӨБ органдары, алардын ведомстволук мекемелери бузуулар үчүн материалдык жоопкерчилик чараларын колдонушунун натыйжасында алынган каражаттар, анын ичинде айыптар, санкциялар, компенсациялар, сот чечимдери боюнча зыяндын ордун толтуруу суммалары**

ЖӨБ органдары, алардын ведомстволук мекемелери бузуулар үчүн материалдык жоопкерчилик чараларын колдонушунун натыйжасында алынган каражаттар, анын ичинде айыптар, санкциялар, компенсациялар, сот чечимдери боюнча зыяндын ордун толтуруу суммалары юридикалык жана физикалык жактар тарабынан укук бузууларга жол берилгенде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте төлөнөт.

ЖӨБ органдары колдонуудан алынган жыйынтыктары, алардын ведомстволук мекемелеринин материалдык чаралары жана административдик жоопкерчилик, айып акы, санкция, компенсация, соттун чечими боюнча зыяндын ордун толтурууну кошуу менен, жергиликтүү бюджеттин кирешеси болуп саналат

***Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр***

Пайдалуу кендерди катталган жерине карабастан иштетишкен (казып алышкан) жана пайдалуу кендердин табылган жери боюнча региондорду өнүктүрүү фонддоруна жана тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге багыттоо үчүн республикалык бюджетке чегерүүлөрдү жүргүзүүчү жеке же юридикалык жактар жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөрдү төлөөчү болуп саналат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын калктуу конуштарды ичүүчү суу менен камсыздоого ыйгарым укуктуу адистештирилген уюмдары калкка ичүүчү сууну сатуудан түшкөн каражаттар боюнча чегерүүлөрдү төлөөчүлөр болуп саналбайт.

Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр, кыйыр салыктарды эсепке албаганда, пайдалуу кендерди сатуудан түшкөн акчанын 2 пайызы өлчөмүндө тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге отчеттук айдан кийинки айдын 20-числосуна чейин төлөнөт.

Эгерде кен чыккан жер ар башка райондорго таандык эки же андан ашык айыл аймактарынын аймагында жайгашкан болсо, төлөөчү эсептик каттоодон өтүүнү ар бир райондун салык органында жүзөгө ашырып, чегерилүүчү сумма тигил же бул райондо жайгашкан ээленген аянтка пропорциялуу төлөнөт.

Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө арналган, токой фондусунун жерлеринин же запастагы жерлердин аймагында жайгашкан жерлердеги пайдалуу кендерди сатуудан чегерилүүчү каражаттар толук көлөмдө районду өнүктүрүү фондуна жөнөтүлөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү тизмекке ылайык, алтындын запасы 50 тоннадан ашыкты түзгөн жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлер боюнча чегерүүлөр төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт: 50 пайызы - облусту өнүктүрүү фондуна; 30 пайызы - районду өнүктүрүү фондуна; 20 пайызы - пайдалуу кен чыккан жердеги тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге.

Алтындын запасы 50 тоннадан азды түзгөн кен чыккан жерлер боюнча чегерүүлөр төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт: 80 пайызы - районду өнүктүрүү фондуна; 20 пайызы - пайдалуу кен чыккан жер боюнча тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге.

Алтындан башка пайдалуу кен чыккан жерлер боюнча:

1) жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлердин тизмегине киргизилген жерлер боюнча чегерүүлөрдү эсепке киргизүү төмөндөгүдөй жүргүзүлөт: 50 пайызы – облусту өнүктүрүү фондуна; 30 пайызы – районду өнүктүрүү фондуна; 20 пайызы – пайдалуу кен чыккан жердеги тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге.

2) жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлердин тизмегине кирбеген жерлер боюнча чегерүүлөрдү эсепке киргизүү төмөндөгүдөй жүргүзүлөт: 80 пайызы – районду өнүктүрүү фондуна; 20 пайызы – пайдалуу кен чыккан жер боюнча тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге.

**Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин долбоору боюнча жыйынды таблицаларды түзүү**

Кирешелердин ар бир булагы боюнча эсептелген болжолдуу көрсөткүчтөр Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декбрындагы №161 буйругу менен бекитилген жана КР ФМнын расмий сайтында жарыяланган кирешелер жана активдер менен операция форматта түзүлүп жыйынды таблицага интеграциялануута тийиш.

Жыйынды таблица кирешелердин динамикасын, б.а. 2018-жылдагы жана 2017-жылдын 5 айы, 2018-жылга күтүлгөн түшүүлөр жана 2019-2021-жылга долбоор чагылдырат.

Жергиликтүү бюджеттин кирешелерине ар бир киреше булактан келип түшкөн эсептөөлөр жана ага түшүндүрмө кат, ЖӨБ органдарынын кирешелерди башкаруу саясаты чагылдырылган баардык багыттары, ушуну менен бирге жергиликтүү салыктардын жана жыйымдардын коюмдары (ставкалары), жергиликтүү салыктар жана жайымдарды төлөөдө берилген женилдиктер жана башкарууну жөнгө салуу иш-аракеттери тиркелиш керек.

## 4.5. ЖӨБ органдарынын жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн түзүү боюнча ыйгарым укуктары

Жергиликтүү бюджеттин кирешелерин, бекитилип берилген салыктардын жана жыйымдардын ЖӨБ органдары тарабынан өз алдынча божомолдонот.

Кыргыз Республикасынын Салык кодекси (мындай кийин Салык кодекси) ЖӨБ органдарына жергиликтүү салыктардын жөнгө салуу боюнча белгилүү бир ыйгарым укуктар берилип, салыктарды жана жыйымдардын жалпы мыйзамдык ченемдери, жергиликтүү салыктардын жана жыйымдардын түрлөрү, салык салуу объектилери, салык төлөөчүлөр, салыктын чендери боюнча мыйзамдык чектөөлөр жана башка жоболорду жөнгө салуу укугу аныкталган.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ:

- ЖӨБ органдары: өзүнүн аймагында жергиликтүү салыктардын жана жыйымдардын тигил же бул түрүн киргизүүнү же киргизбөөнү өздөрү чечишет;
- мыйзамдык чектөөлөрдүн негизинде жана мыйзамда аныкталгандай жергиликтү салыктарды жөнгө салышат;
- кээ бир жергиликтүү салыктардын мыйзам аныкталгандай ыйгарым укуктардын негизинде жеңилдиктерди, преференцияларды берүүгө жана бошотууга укуктуу болушат.

### 4.6. Жергиликтүү кеңештердин кирешелерин түзүүнүн принциптери

Жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүнүн болжолун түзүү, анын ичинде кирешелердин ар бир түрү боюнча болжолдуу көрсөткүчтөрдү эсептөө төмөндөгү принциптерге негизденүү менен жүзөгө ашырылууга тийиш:

- кирешелердин болжолу региондун социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн көрсөткүчтөрүнө негизделүүгө тийиш;
- кирешелердин болжолу мамлекеттик жалпы фискалдык саясаттын алкагында жүргүзүлүп жаткан саясатын чагылдырууга тийиш;
- аткаруу үчүн айкын болууга, б.а. экономикалык көрсөткүчтөрдүн негизиндеги салыктык эсептөөлөргө жана мурдагы жылдардагысалыктык жана салыктык эмес иш жүзүндө түшүүлөрдүн динамикасына талдоо жүргүзүүгө негизделүүгө тийиш.

## 5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ТРАНСФЕРТТЕР СИСТЕМАСЫ

### 5.1. Бюджеттер аралык трансферттер

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттер ортосундагы мамилелер жалпы мамлекеттик кирешелерден жана бюджеттер аралык трансферттерден ченемдик чегерүүлөр аркылуу жөнгө салынат.

Бюджет аралык трансферттердин тутумуна төмөнкүлөр кирет:

а) теңдештирүүчү трансферттер;

б) максаттуу трансферттер.

Жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү бюджеттер аралык трансферттер ар жылдык республикалык бюджет жөнүндө мыйзам менен бекитилет.

### 5.2. Теңдештирүүчү трансферттер

Теңдештирүүчү трансферттер - бул жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жана керектөөлөрүнүн деңгээлинин ортосундагы каржылык айырманы жабуу үчүн республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар.

Теңдештирүүчү трансферттердин көлөмдөрү жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик камсыз кылынуусунун деңгээлине негизденип аныкталат жана региондун туруктуу социалдык-экономикалык абалын колдоо максатында жергиликтүү бюджеттерди каржылоонун толуктугун камсыз кылуу максатында жергиликтүү бюджеттердин каржылоонун толуктугун камсыз кылуу үчүн аларга берилет.

Мыйзамдар менен каралган ыйгарым укуктардын чектеринде базалык ставкаларды жогорулатуу жөнүндө чечимдердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кабыл алынышынын эсебинен жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин көбөйтүү республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда каралган теңдештирүүчү трансферттердин резервдерин өзгөртүү үчүн негиз болуп саналбайт.

Теңдештирүүчү трансферттердин көлөмдөрүн аныктоо тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 16-июнундагы № 321 токтому менен өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу токтомдор менен бекитилген.

Теңдештирүүчү трансферттер КР ФМ тарабынан жергиликтүү бюджеттерге бекитилген тартип жана формуланын негизинде бөлүштүрүлөт. Теңдештирүүчү трансферттер кезектеги каржылык жылга бюджеттин киреше жана чыгашаларынын кварталдык бөлүнүшүнө ылайык берилет.

Теңдештирүүчү трансферттеринин көлөмдөрүн аныктоо тартиби пландалган

мезгилге жергиликтүү бюджеттерге теңдештирүүчү трансферттеринин өлчөмдөрүн аныктайт Теңдештирүүчү трансферттерди эсептөөнүн кадамдык жол-жобосунун карайбыз.

Көлөмдөрдү аныктоодо төмөнкүлөр жүргүзүлөт:

**1-этап.** жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик камсыздалышын эсептөө;

**2-этап.** теңөө трансферттерин жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүүнү эсептөө:

**1 этап. Бюджеттин камсыздалышын эсептөө-**бир тургунга эсептелген бюджеттик кызмат көрсөтүүнүн наркына таасир тийгизген калктын түзүмүндөгү, социалдык-экономикалык, климаттык, географиялык жана башка объективдүү факторлордогу жана шарттардагы айырмачылыктарды эске алуу менен тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүнүн деңгээлине негизденип жергиликтүү бюджет тарабынан алына ала турган бир тургунга эсептелген кирешенин көлөмү.

Жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик камсыздалышы (БОj) төмөнкү формула боюнча эсептелет:

**БОj = (ПД / Н) * (ИДПj / ИБРj ),**

мында:

ПД – учурдагы жылга республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен белгиленген жалпы мамлекеттик салык жана кирешелер боюнча эсептөөлөрдүн нормативдерин эске алуу менен жергиликтүү бюджеттин айрым топторуна (мындан ары - топ) таандык жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин (бюджеттер аралык трансферттерден башка) болжолу;

Н – ушул топко таандык жергиликтүү жамааттардын жалпы саны;

ИДПj – j-жергиликтүү бюджеттин киреше потенциалынын индекси;

ИБРj – j-жергиликтүү бюджеттин бюджеттик чыгымдарынын индекси.

**1-Кадам**. Киреше потенциалынын индексин эсептелет. Жергиликтүү бюджеттин киреше потенциалынын индекси (ИДП) төмөнкү j формула боюнча эсептелет:

**ИДПj = (ДПj / Нj ) / (ДП / Н),**

мында:

ДПj – кирешелердин репрезентативдүү системасы боюнча j-жергиликтүү бюджеттин киреше потенциалы;

Нj – j-жергиликтүү жамааттын саны;

ДП – бул топко таандык бардык жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин репрезентативдүү системасы боюнча суммаланган киреше потенциалы;

Н – бул топко таандык бардык жергиликтүү жамааттардын саны.

Жергиликтүү бюджеттин киреше потенциалын эсептөө кирешелердин репрезентативдүү системасы боюнча (кирешелердин айрым түрлөрүнө карата) жүргүзүлөт, ага жергиликтүү бюджетке чегерилүүчү кирешелердин негизги түрлөрү кирет жана теңөө трансферттерин бөлүштүрүүдө эсепке алынуучу жергиликтүү бюджеттердин киреше мүмкүнчүлүктөрүн чагылдырат

**2-Кадам.** Бюджеттик чыгымдардын индекси эсептелет. Жергиликтүү бюджеттердин салыштырма чыгаша милдеттенмелеринде катыштык айырмачылыктарды баалоо үчүн чыгаша милдеттенмелеринин репрезентативдик системасы колдонулат, ал мамлекеттик бийликтин тийиштүү органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз компетенцияларына таандык маселелерди чечүүгө байланыштуу келип чыккан чыгаша милдеттенмелеринин бардык түрүн камтыйт.

Жергиликтүү бюджеттин бюджеттик чыгашалар индекси (ИБРj) төмөнкү формула боюнча эсептелет:

**ИБРj = SUMi (ai * ИБРji),**

мында:

ai – чыгаша милдеттенмелеринин репрезентативдик системасынын курамында чыгашалардын і-түрүнүн үлүшү;

ИБРji – чыгаша милдеттенмелеринин репрезентативдик системасынын і-чыгаша милдеттенмелери боюнчаj-жергиликтүү бюджеттин бюджеттик чыгашаларынын индекси.

Методика төмөндөгүдөй коэффициенттер колдонулат:

| Колдонулуучу коэффициент | Жергиликтүү маанидеги маселелер |
|---|---|
| Бийик тоолуу жана алыстык коэффициенти | Бийик тоолуу жана алыстык коэффициенти жергиликтүү бюджеттердин чыгашалар милдеттенмелеринин репрезентативднк системасына кошулган бардык чыгашалар милдеттенмелери боюнча бюджеттик чыгашалар индекстерин эсептөөдө колдонулат. |
| Урбандаштыруу деңгээлинин коэффициенти | Турак жай коммуналдык чарба |
| Мектепке чейинки билим берүү коэффициенти | Билим берүү |
| Масштаб коэффициенти | Жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүү Эс алууну уюштуруу жана маданий-диний иштер |
| Жайгаштыруунун дисперстүүлүк коэффициенти | Билим берүү |

### 2 -этап. Теңдештирүүчү трансферттерин бөлүштүрүүнү эсептөө

3-кадам Теңдештирүүчү трансферттин өлчөмү трансферттин биринчи жана экинчи бөлүгүнүн суммасы менен эсептелет.

Теңөө трансфертинин биринчи бөлүгү жергиликтүү бюджеттер ортосунда бөлүштүрүлөт, алардын бюджеттик камсыздуулук деңгээли тийиштүү топко кирген жергиликтүү бюджеттердин чыгаша милдеттенмелеринин тийиштүү орточо деңгээлинен ашпайт.

Теңөө трансфертинин экинчи бөлүгү жергиликтүү бюджеттер ортосунда бөлүштүрүлөт. Алардын кирешелеринин эсептик көлөмү мурдагы этаптарда бөлүштүрүлгөн теңөө трансфертинин бөлүгүн эсепке алуу менен пландалган жылда алардын чыгашаларынын эсептик көлөмүнүн чегинен төмөн кирешелердин эсептик көлөмүндө бөлүштүрүлөт.

## 5.3. Максаттуу трансферттер

Максаттуу трансферттер - бул белгилүү бир максаттарга бир бюджеттик деңгээлден башка бюджетке берилүүчү каражаттар.

Республикалык бюджеттен максаттуу трансферттер төмөнкүлөргө берилет:

1) бюджеттик жылдын ичинде жергиликтүү бюджеттердеги кирешелердин каржылык айырмасын же түшүп калуусун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын кабыл алуунун натыйжасында пайда болгон жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринде кошумча чыгашаларды же жоготууларды компенсациялоого;

2) мыйзамдын же келишимдин негизинде мамлекеттик органдардын айрым ыйгарым укуктарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүүдө жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын каржылоого;

3) республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин чыгаша милдеттенмелерин биргелешип каржылоону камсыз кылууга.

Бюджеттик кодекстин нормаларына ылайык, жергиликтүү бюджеттен максаттуу

трансферттер жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук акты менен башка жергиликтүү бюджетке берилет. Жергиликтүү бюджеттен берилүүчү максаттуу трансферттердин көлөмдөрү жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актылары менен бекитилет.

# 6. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРДИН ЧЫГАША БӨЛҮГҮН ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ

## 6.1. Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасындагы чыгашалык милдеттенмелердин структурасы

Бюджет аралык чыгашалар боюнча милдеттенмелерди бөлүштүрүү КР бюджеттик кодексинин негизинде ишке ашырылат. Бюджеттик Кодекстин 49-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында чыгаша милдеттенмелерди бөлүштүрүүнүн төмөнкүдөй түзүмү белгиленет:

1) Өкмөттүн чыгаша милдеттенмелери;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелери.

## 6.2 Жергиликтүү функциялар – ЖӨБ органдарынын чыгашалык милдеттенмелери

КР бюджеттик кодексинини 51 беренесине ылайык, жергиликтүү бюджеттен төмөнкүдөй иш-чараларга чыгашалар жүзөгө ашырылат:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан чечүүсүнө;

2) билим берүүнүн, саламаттык сактоонун, эс алуу, маданият, социалдык коргоонун, турак жай жана коммуналдык чарбачылыктын, айлана-чөйрөнү коргоонун муниципалдык ишканаларын, мекемелерин күтүүгө;

3) бюджеттик ссудаларды берүү жана тындыруу, капиталдык салымдар түрүндө инвестициялар бюджетин ишке ашыруу жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттар, муниципалдык баалуу кагаздарды чыгаруу менен байланышкан бардык операцияларды кошуп алганда, жергиликтүү бюджеттен каржылоого жаткан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актылары менен аныкталган иш-чараларга.

Жергиликтүү маанидеги маселелерге (КР «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу» жөнүндө мыйзамынын 18-беренеси) кирет:

1) тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу;

2) муниципалдык менчикти башкаруу;

3) жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;

4) калкты ичүүчү суу менен жабдуу;

5) калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;

6) калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;

7) жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;

8) көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;

9) жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;

10) парктардын, спорттук курулмалардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу;

11) турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чы-

гарууну уюштуруу;

12) муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу;

13) жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо;

14) жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу;

15) жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу;

16) тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жайгаштыруу;

17) коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;

18) элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;

19) эс алуу убакытсын өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;

20) балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу;

21) дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;

22) өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү;

23) Кыргыз Республикасынын жер казынасын пайдалануу жөнүндө мыйзамдарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына таандык кылынган кен байлыктарын пайдалануу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

24) калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү.

25) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу.

Бул жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеси ар тараптуу болуп саналбайт жана жергиликтүү жамаатты жана алардын органдарын башка ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну чектебейт, КР мыйзамдарына тыюу салбайт.

КРнын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилиши мүмкүн (20-берене «Мамлекеттик ыйгарым укуктар»). Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү мыйзамдын же келишимдин негизинде жүзөгө ашырылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруудагы пайда болгон чыгаша милдеттенмелери КР мыйзамына ылайык республикалык бюджеттен максаттуу трансферттердин эсебинен ишке ашырылат.

### 6.3. ЖӨБ органдарынын чыгашалык ыйгарым укуктар боюнча укуктары

Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөндөгү укуктар жана ыйгарым укуктар бекитилип берилген:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары жергиликтүү бюджеттин долбоорун, жүргүзүлгөн эсептөөлөрдү эске алуу жана жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрүнүн ченемдери боюнча максаттуу көрсөткүчтөр такталгандан кийин тактап, жергиликтүү бюджетке бөлүнүүчү теңдөөчү трансферттердин өлчөмүн иштеп чыгат, жана жергиликтүү кеңешке бекитүүгө сунуштайт (КРнын Бюджеттик Кодексинин 95-беренеси);
- жергиликтүү кеңеш жергиликтүү бюджеттин долбоорун кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдуу мөөнөткө карайт жана бекитет;
- бюджеттик чыгашаларды каржылоо биринчи кезектеги тартипте каржылоого сунуш кылынган жана кыскартылууга жатпаган чыгашалардын экономикалык классификациясынын беренелери: эмгек акы, Социалдык фондго төгүмдөр,

медикаменттерди жана жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алууга, тамак-аш азыктарын сатып алууга, социалдык камсыз кылуу боюнча жөлөкпулдарга, калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар, стипендиялар (КРнын Бюджеттик Кодексинин 2-беренесинин 27-бөлүмчөсү);

- кезектеги бюджеттик жылдын бюджети жөнүндө ченемдик укуктук акт чыгашаларды жүзөгө ашырууга жана бюджеттик милдеттенмелерди аткарууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ыйгарым укук берет. (КРнын Бюджеттик Кодексинин 103-беренесинин 2-бөлүгү).
- жергиликтүү бюджеттерди аткаруу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте квартал боюнча бюджеттик бөлүштүрүүнүн негизинде ыйгарым укуктуу аткаруу орган тарабынан жүзөгө ашырылат (КРнын Бюджеттик Кодексинин 103-беренесинин 4-бөлүгү);
- Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары аймактык бөлүмдөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына тиешелүү бюджеттердин аткарылышы боюнча кассалык операциялар жөнүндө маалыматтарды берет (КРнын Бюджеттик Кодексинин 106-беренесинин 4-бөлүгү);
- бюджеттерди аткаруу процессинде бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчү (тескөөчү) чыгашалардын экономикалык классификациясынын беренелеринин ортосунда жалпы бюджеттик каражаттардын ассигнованиелеринин чектеринде башкы тескөөчү (тескөөчү, алуучу) боюнча каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө укуктуу. Каржылык жылдын ичинде кайра бөлүштүрүлгөн каражаттардын жалпы көлөмү бюджеттик каражаттарды ар бир башкы тескөөчүнүн (тескөөчүнүн, алуучунун) бюджеттеринин каражаттарынын жыйынды көлөмүнүн өз-өзүнчө 5 пайызынан ашпоого тийиш. (КРнын Бюджеттик Кодексинин 109-беренеси);
- курултайларды, чогулуштарды, жарандардын жыйындарын өткөрүүгө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка формаларын жүзөгө ашырууга кетүүчү чыгашалар жергиликтүү жамааттардын уставдарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү кеңештин чечиминин негизинде жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт. (КРнын Бюджеттик Кодексинин 52-беренеси);
- ЖӨБӨ муниципалдык ишканаларды каржылоого укуктуу (КРнын Бюджеттик Кодексинин 51-беренеси). Муниципалдык ишканалар жана коммерциялык эмес уюмдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдети болуп саналган кызмат көрсөтүүлөр үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлөт. (КРнын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”Мыйзамынын 62-беренеси);
- Бюджеттик ссудаларды берүү жана тартуу тууралуу чечим жергиликтүү кеңештер менен макулдашуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары тарабынан кабыл алынат (КРнын Бюджеттик Кодексинин 57-беренеси);
- ЖӨБ органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик органдардын же ЖӨБ органдарынын гана компетенциясына кирген ыйгарым укуктардан тышкары, белгилүү бир ыйгарым укуктарын муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес уюмдарга, ошондой эле акцияларынын жарымынан көбү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык болгон акционердик коомдорго өкүлдөп берүүгө укуктуу. (КРнын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”Мыйзамынын 62-беренеси).

## 6.4. Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн пландаштыруу

«Бюджеттик пландаштыруу» түшүнүгү өзүнө: 1) бюджеттик процессти (бюджетти түзүү жана аткаруу тартиби катары); 2) укук-ченемдик жана уюштуруучулук базаны; 3) бюджетти түзүү методологиясын камтыйт. Практик финансисттер “Бюджеттик пландаштыруу” тууралуу бюджетти иштеп чыгуунун конкреттүү технологиясы экенин айтышат. Бир эле убакта мындай аныктамаларга карабастан анын негизги компоненти бюджеттин долбоорун түзүүдө маалымат жана ченемдер менен камсыздоо саналат. Теорияда да практикада да буларды сапаттуу камсыз кылуу бюджеттин негиздүүлүгүнүн алгачкы шарты. Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн пландаштыруу чыгымдардын экономикалык классификациясына, жана жергиликтүү бюджеттердин чыгаша бөлүгүн түзүүнү аныктаган ченемдик документтерге негизделет.

**Чыгашалардын негизги түрлөрүнүн статьялары боюнча чыгымдардын сметасын түзүүнүн өзгөчөлүктөрү.**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттерини чыгаша бөлүгү бюджеттик уюмдардын чыгымдарынын сметасынын долбоорунун негизинде түзүлөт. Жергиликтүү бюджеттерди түзүүнүн календарлык планына ылайык, жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланган бюджеттик мекемелер ЖӨБ органдарынын финансы-экономикалык бөлүмүнө кийинки жылдын чыгашаларынын долбоорун негиздүү эсептөөлөрү менен беришет.

Жергиликтүү бюджеттин кийинки жылга чыгашаларынын биринчи долбоору бекитилген социалдык-экономикалык өнүгүү программасына жана жергиликтүү бюджеттин приоритеттерин эске алуу менен айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмү түзөт.

Бардык бюджеттик чыгашалар белгилүү топтор, бир өңчөй белгилер боюнча классификацияланат. Бюджетти түзүү жана аткаруу бюджеттик классификацияга негизделет.

Чыгашалардын долбоору чыгашанын функционалдык жана экономикалык классификациясы боюнча түзүлөт. Чыгашалардын долбоору мекемелерге мүнөздүү өндүрүштүк көрсөткүчтөрдүн негизинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарга ылайык, эмгек акыны, социалдык камсыздандырууну, сапар жана транспорттук чыгымдарды, башка чыгымдардын нормаларын (лимиттерин) бекитилген баалар жана тарифтер боюнча сактоо менен түзүлөт.

ЖӨБ органдары чыгымдардын сметасын түзүүдө мекемелердин жана уюмдардын тармактарын кыскартуу жана бириктирүүнүн, өркүндөтүүнүн эсебинен бюджеттик ассигнованиелерди үнөмдөөнү камсыз кылышы шарт. Мындан тышкары, көрсөтүлө турчу кызматтардын тизмесин карап жана колдо бар каражаттар аркылуу жаңы кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоо варианттарын тандоосу зарыл.

Смета бюджеттен бюджеттик мекемелерди камсыздоого жана алардын ишмердүүлүгүн кеңейтүүгө бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын көлөмүн, максаттуу багыттарын жана кварталдык бөлүштүрүлүшүн караган негизги документ болуп саналат.

Мекемелерди каржылоо сметада бекитилген багыттардын жана жогорку бюджеттерден алынган трансферттердин суммасынын чегинде каржыланат. Бекитилген сметанын чегинен ашыкча бюджеттиккаражаттарды чыгымдоого тыюу салынат.

Чыгымдардын сметасы жергиликтүү бюджеттерде турган бюджеттик мекемелер тарабынан түзүлөт жана кредиттерди башкы бөлүштүрүүчү тарабынан каралат жана бекитилет, ЖӨБ органдарынын финансы-экономикалык бөлүмдөрү менен макулдашылат.

Чыгымдардын сметасынын долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бекиткен мөөнөт боюнча түзүлөт жана тапшырылат.

Сметага тиркелген эсептөөлөр ар бир мекемеге мүнөздүү болгон өндүрүштүк көрсөткүчтөрдүн негизинде жана иштеп жаткан мыйзамдардын чегинде, жана ошондой эле, чыгымдардын башка түрлөрү боюнча нормаларды сактоо менен, мамлекеттик баалардын жана тарифтердин негизинде түзүлөт.

Сметага Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Өкмөттүн токтомдорунда көрсөтүлгөн чыгымдар гана киргизилет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тапшырылган сметаларда төмөндөгүлөрдү текшерүү менен карайт:

а) мекеме тарабынан каралган чыгымдардын зарылчылыгы жана максаттуулугу; необходимость и целесообразность предусматриваемых учреждениями расходов;

б) чыгымдардын сметасын түзүүдө иштеп жактан мыйзамдардын нормаларынын сакталышы;

в) чыгымдын ар бир статьясынын эсептелишинин тактыгы.

Чыгымдардын сметасын текшерүүдө кредиттердин башкы бөлүштүрүүчүлөрү сметаны түзүү талаптарын сактоосу, жана мындан тышкары, инвентарь, жабдуу жана материалдарды алууда алардын фактылык камсыз болгонун эсепке алышы зарыл.

Бөлүмдөр тарабынан параграфтар, статьялар жана жылдык кварталдарга бөлүнгөн формада жыйынтыкталып, КР ФМ тапшырылат. Кварталдар боюнча бөлүштүрүү эмгек акы төлөп берүү мөөнөтүн, айрым иш-чараларды өткөрүү мөөнөтүн жана аларды каржылоо мүмкүнчүлүгүн эсепке алып түзүлүшү зарыл.

Чыгымдардын сметасынын калькуляциясын түзүүдө административдик ведомствонун экономикалык кырдаалга жана инфляциялык процесстердеги өзгөрүүлөргө карата корректировкаланган өткөн жылдагы чыгымдары негиз катары алынат. Бул, административдик ведомствонун 2017-жылга фактылык чыгымдары жана 2018-жылга күтүлгөн жыйынтыктарын кароо дегенди түшүндүрөт.

ЖӨБ органдары өз чыгашаларын максаттарга жетүү үчүн натыйжалуулукту арттыруу максатында экономикалык статьялардын алкагында жөнгө салу укугуна ээ (жергиликтүү бюджеттердин жалпы чыгашаларынын 5% чейин).

Чыгымдардын сметасы ар бир мекеменин чегинде түзүлүп, андан соң бир типтүү мекемелер боюнча топтоштурулат.

Жыйынтыкталган мекемелердин сметасында ар бир мекеменин сметасы төмөндөгүдөй эсептөөлөрү менен бир экземплярда тиркелет:

- кубатурасы, аянты, имараттардын, мештердин саны, болгон котельныйлар, транспорт каражаттары жана башкалар жөнүндө маалымат;
- алдыдагы жылга мекемелердин иш аракетинин өндүрүштүк негизги көрсөткүчтөрү;
- тарифтештируунун жыйынтыктоо ведомосту;
- кызматкерлердин штаттык саны жана эмгек акы фондусунун эсеби;
- бекитилген лимиттердин чегинде статьяларды бөлүү менен коммуналдык кызматтардын эсеби;
- иштеп жаткан нормаларга ылайык, тамак-ашка кеткен чыгымдар;
- сатылып алынган инветарь, жабдуу жана материалдардын тизмеси;
- башка кызматтар жана чарбалык чыгымдардын эсеби.

Сметаны түзүү процессинде бюджеттик классификациянын бардык түрү пайдаланылат: административдик, функционалдык, экономикалык. ЖӨБ органдарына жергиликтүү бюджеттин чыгымдарын түзүүдө төмөнкү приоритеттер боюнча түзүү сунушталат:

1) Корголгон статьялар боюнча чыгымдарды түзүү:

- эмгек акы жана Социалдык фондко чегерүүлөр (билим берүү, ЖӨБӨ аппараты, кенже тейлөөчү персоналдар),

- окуучулардын тамак-ашы,

2) Өкмөттүн токтомдору жана башка укук ченем актыларына байланышкан чыгымдар: командировкалык чыгымдар, социалдык женилдиктер, жөлөк пулдар,

3) Коммуналдык кызматтар: электр жана жылуулук энергиясы, жана турак жай коммуналдык чарбасы: ынгайлуу шарттарды түзүү, санитария, экология.

4) Башка чыгымдар: - муниципалитеттин социалдык-экономикалык өнүгүү программасына ылайык.

Жергиликтүү бюджеттрди түзүү боюнча календарлык планга ылайык, жергиликтүү бюджеттен каржыланган бюджеттик мекемелер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык бөлүмдөрүнө келээрки жылдын чыгымдарынын долбоорун негизделген эсептөөлөрү менен тапшырат.

**Кийинки жылга чыгашалардын долбоору (билдирме) кандай түзүлөт?**

Чыгашалардын долбоору аталган мекеме үчүн мүнөздүү болгон өндүрүштүк көрсөткүчтөргө негизделип жана колдонуудагы мыйзамдардын каражаттарды чыгымдоого тиешелүү бөлүгүнө ылайык түзүлөт.

Жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларынын долбоорун түзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин "Бюджеттик классификация жөнүндө" 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-П буйругу жетекчиликке алынат.

Бюджеттик классификация бөлүнөт:

- кирешелердин классификациясы;
- чыгашалардын экономикалык классификациясы;
- активдер менен операция жана милдеттенмелер боюнча классификациясы
- функционалдык классификация;
- мекемелердин классификация;
- программалык классификация.

**Кирешелеринин классификациясы** - бул өзүнө кирешелердин категорияларынын, топторунун, топчолорунун, статьяларынын, статьячаларынын жана элементтеринин кодун камтыган бюджеттик систéманын киреше булактарынын топтому. Кирешелеринин классификациясынын сегиз орундуу коддордон турат.

**Экономикалык классификациясы** - бул аткарымдардын экономикалык мазмунуна жараша болуучу бюджеттердин чыгашалар топтому болуп саналат. Чыгашалардын экономикалык классификациясы өзүнө бөлүм, категория, топ, статья, статьяча коддорун жана 8 бөлүктөн турган чыгашалар элементтерин камтыйт.

**Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясы** активдер жана милдеттенмелер менен байланышкан бардык акча операциялары үчүн коддорду камтыйт. Структурасы кийинки категориялардан турат: финансылык эмес активдерден, финансылык активдерден жана милдеттенмелерден. Ар бир категория группалардан, статьялардан, подстатьялардын жана элементтерден турат. Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациасы алты мыйзамдын денгээлинде эске алынган.

**Ведомстволук классификациясы** 2 бөлүктөн турат - негизги код жана мекеменин коду. Негизги код 4 позициялык структурага ээ жана финансылык жылга бюджет жөнүндө Мыйзамды түзүү үчүн базалык болуп саналат. Мекеменин коду – мекемеге гана таандык жеке код болуп саналат.

**Программалык классификация** – так натыйжаларды жетүүгө багытталган тиешелүү экономиканын тармактарындагы бюджеттик программаларда/чараларда аныкталган чыгымдардын топтому.

**Чыгашалардын долбоору** функционалдык жана чыгашанын экономикалык классификациясы боюнча түзүлөт.

**Функционалдык классификация**

Функционалдык классификациянын 5тик позициялык коду бар жана бөлүнөт:

- бөлүм;
- топ;
- класс.

Бөлүм мамлекеттик башкаруу органдарынын жалпы максатын мүнөздөйт. Топ - бөлүмдүн негизги функциясына таандык. Класс - чечилүүчү маселелер тизмеси. Топтор жана класстар каражатты көрсөтөт, анын жардамы менен ушул максатка жетишилет.

Чыгашалардын долбоору мамлекеттик башкаруу органдарынын функциялары жана чыгымдардын экономикалык классификациясы боюнча түзүлөт

| Функционалдык классификация (10 бөлүм) | Экономикалык классификация |
|---|---|
| 701-Бөлүм - Жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат;<br>702-Бөлүм - Коргоо;<br>703-Бөлүм - Коомдук тартип жана коопсуздук;<br>704-Бөлүм - Экономикалык маселелер;<br>705-Бөлүм - Айлана чөйрөнү коргоо;<br>706-Бөлүм - Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр;<br>707-Бөлүм - Саламаттык сактоо;<br>708-Бөлүм - Эс алуу, маданият жана дин;<br>709-Бөлүм - Билим берүү;<br>710-Бөлүм - Социалдык коргоо | 2.1.1.1. Эмгек акы<br>2.1.2.1. Соцфондго взностор<br>2.2.1.1. Кызматтык сапар<br>2.2.1.2. Байланыш<br>2.2.1.3. Ижара акы<br>2.2.1.4. Транспорттук кызматтар<br>2.2.1.5. Башка кызматтарды сатып алуу<br>2.2.1.8. Тамак аш<br>2.2.3.1.Коммуналдык кызматтарга чыгымдар<br>3.1.1.1.Имарат жана жабдуулар |

**701-БӨЛҮМ ЖАЛПЫ БАГЫТТАГЫ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТАР.** Ушул бөлүмдө мэриялардын, кеңештердин, айыл өкмөттөрүнүн, муниципалдык мекемелердин ведомстволук баш ийген мекемелердин (кызматкерлери мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин реестрине кирген) ж.б.

**702-БӨЛҮМ КОРГОО.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 50-беренесине ылайык “Коргоо” бөлүмү боюнча чыгашалар Өкмөттүн чыгашалык милдеттенмеси болуп саналат жана республикалык бюджеттен финансыланат.

Азыркы мезгилде “Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында, куралдуу күчтөрүндө жана башка аскердик түзүлүштөрүндө эркин жалданып иштеген жана жарандык персоналдын эмгек акы шарттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 14-августундагы №440 токтомуна ылайык райондук аскер комиссариаттарынын техникалык жана кенже тейлөөчү персоналынын эмгек акысы жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен каралууга тийиш, ошондой эле ушул бөлүмдө жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен аскерге чакыруу компаниясы үчүн чыгашалар каралат, мында бардык ушул чыгашалар өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар болуп саналат жана тиешелүү түрдө республикалык бюджетин эсебинен компенсацияланууга тийиш.

**703-БӨЛҮМ КООМДУК ТАРТИП ЖАНА КООПСУЗДУК.** Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 50-беренесине ылайык ылайык “Коомдук тартип жана коопсуздук” бөлүмү боюнча чыгашалар Өкмөттүн чыгашалык милдеттенмелери болуп саналат жана республикалык бюджеттен финансыланат.

Ушул бөлүмдө тиешелүү жергиликтүү кеңештердин чечими боюнча коомдук тартипти сактоого көмөк көрсөтүү үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен чыгашалар каралышы мүмкүн. Ушул чыгашалар жергиликтүү бюджеттер үчүн кошумча чыгашалык

милдеттенмелер (же ыктыярдуу милдеттенмелер) болуп саналат.

**704-БӨЛҮМ ЭКОНОМИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕР.** Ушул бөлүмдө муниципалдык жана башка мекемелердин (мисалы, автотранспорттук) ж.б. чыгашалары чагылдырылат.

**705-БӨЛҮМ АЙЛАНА-ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО.** Бул бөлүмдө жыйымды чогултууну уюштуруу жана калдыктарды жок кылуу боюнча көчөлөрдү, аянт, жол, базар, шаардык бактарды, парктарды ж.б. жыйноону кошкондогу чыгашаны чагылдырат, калдыктын баардык түрүн чогултуу, саркынды сууларды жок кылуу жана тазалоо, курчап турган чөйрөнүн булганышы менен күрөшүү ж.б.у.с.

**706-БӨЛҮМ ТУРАК ЖАЙ ЖАНА КОММУНАЛДЫК КЫЗМАТТАР.** Ушул бөлүмдө муниципалдык жана башка коммуналдык ишканаларга кетүүчү чыгашалар , ырым-жырым кызматтарына, суу менен камсыз кылууга, көчөлөрдү жарык кылууга кетүүчү чыгашалар, турак жана коммуналдык кызматтарга кетүүчү чыгашалар чагылдырылат.

**707-БӨЛҮМ САЛАМАТТЫК САКТОО.** Азыркы мезгилде ушул бөлүмдүн Бишкек шаарынын башкалары республикалык бюджеттин эсебинен толугу менен финансылынат, Бишкек шаары шаардык саламаттык сактоо мекемелерин финансылоо боюнча өзүнө кошумча чыгашалык милдеттенмелерди алган.

**708-БӨЛҮМ ЭС АЛУУ, МАДАНИЯТ ЖАНА ДИН.** Ушул бөлүм аркылуу маданият үйлөрү, айылдык клубдар, китепканалар, гезиттердин редакциялары, тиешелүү комитеттердин (спорт, маданият, жаштардын иштери боюнча ж.б.) аппараттары, борбордоштурулган бухгалтериялары, стадиондор, парктар, маданият боюнча иш чаралар ж.б. финансыланат.

**709-БӨЛҮМ БИЛИМ БЕРҮҮ.** Ушул бөлүмдө мектептердин, балдар бакчаларынын балдар үйлөрүнүн, методикалык кабинеттердин, спорттук мектептердин, чыгармачылык үйлөрүнүн, музыкалык мектептердин, борборлоштурулган бухгалтериялардын тиешелүү аппараттардын чыгашалары, билим берүү боюнча иш чаралар ж.б. чагылдырылат.

**710–БӨЛҮМ СОЦИАЛДЫК КОРГОО.** Ушул бөлүмдө социалдык коргоо башкармалыктарынын жатак жайлардын, кары-картаңдар үйлөрүнүн, даректүү жардам көрсөтүүнүн төлөм борборлорунун чыгашалары, социалдык коргоо боюнча иш чаралар, коомдук мекемелер (мисалы, ардагерлер кеңештери ж.б.) ж.б.

Бюджеттик мекемелерде чыгашалардын сметасын түзүүдө биринчи кезекте корголгон статьялар жана коммуналдык чыгымдар пландаштырылат.

Чыгашалардын экономикалык классификациясы чыгашалардын төмөндөгү статьяларынан турат.

**- СТАТЬЯ. "ЭМГЕК АКЫ" -2.1.1.1.**

Эмгек акыга кетүүчү чыгашаларды аныктоодо:

- штаттык расписание түзүлөт;
- кызматтык маяналарга карата каралган бардык үстөк акыларды жана кошумча акыларды кошуу менен эмгек акынын жылдык фондусу аныкталат.

Жергиликтүү бюджеттен финансылана турган бюджеттик мекемелердин кызматкерлери үчүн эмгек акы:

**- муниципалдык кызматкерлер** үчүн төмөндөгүлөргө ылайык:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын1-мартындагы №131 токтомуна;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомуна, Кыргыз Республикасынын

Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-январындагы № 26 "Бишкек шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын типтүү түзүмү жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна.

Ошондой эле " "КР мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөдө иштеген кызматкерлердин эмгек акы шарттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 23-январындагы №22 токтому менен техникалык жана тейлөөчү кенже персоналдын эмгек акысы белгиленет.

**- саламаттык сактоо кызматкерлеринин** - эмгек акысы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 13-январындагы №13 токтому менен аныкталат.

**- маданият кызматкерлеринин** эмгек акысы "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акысынын жаңы системасын киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 19-январынын №16 токтомуна, "Дене тарбия жана спорт мекемелеринин эмгек акысынын шарттары жөнүндө" 2011-жылдагы 19-январынын №17 токтомуна ылайык аныкталат.

**- билим берүү кызматкерлерининэмгек** акысы "Билим берүү уюмдарынын эмгек акысынын жаңы шарттарын киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 19-январынын №18 токтому, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акыларын

эсептөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу 2011-жылдын 31 майындагы №270 токтомуна ылайык аныкталат.

**- социалдык коргоо кызматкерлеринин** эмгек акысы "Калкты социалдык жактан коргоо системасынын кызматкерлеринин айрым категорияларынын эмгек акы шарттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-апрелиндеги №170 токтомуна ылайык аныкталат.

**- СТАТЬЯ "СОЦИАЛДЫК ФОНДГО ТӨГҮМДӨР" 2.1.2.1.**

2121 "Социалдык фондго төгүмдөр" статьясы боюнча сметалар. 2.1.1.1. статьясы боюнча эсептелген эмгек акыдан "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу взносторунун тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тарифтер боюнча аныкталат.

**- СТАТЬЯ "КЫЗМАТТЫК БАРУУЛАРГА КЕТҮҮЧҮ ЧЫГАШАЛАР" – 2.2.1.1.**

Аталган максаттарга ассигнациялар эреже катары, өткөн жылда пландаштырылган суммадан жогору эмес аныкталат. Кызматтык барууларга кетүүчү чыгашаларды пландаштырууда "Иш сапарына кетүүчү чыгашалардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 токтомун жетекчиликке алуу керек.

**- СТАТЬЯ «БАЙЛАНЫШ КЫЗМАТЫ» - 2.2.1.2**

Байланыш кызматына төлөмдөрдүн чыгымдарын камтыйт: телефондук, факсимилдик, фельдъегердик, почталык, трансляциялык кызматтар.

**- СТАТЬЯ «КОММУНАЛДЫК КЫЗМАТТАР» - 2.2.3.1**

Чыгашаларды эсептөө бекитилген нормаларга жана керектөө лимиттерине, аракеттеги баалар менен тарифтерди белгилөөнүн негизинде чыгашалардын экономикалык классификациясынын элементтери менен жүргүзүлөт.

22311100 суу үчүн акы төлөө;

22311200 электр энергиясы үчүн акы төлөө;

22311300 жылуулук энергиясы үчүн акы төлөө;

22311400газ үчүн акы төлөө.

**- СТАТЬЯ "ИЖАРА АКЫСЫ" – 2.2.1.3.**

Ижарага акы төлөөгө өз керектөөлөрүн камсыздоо максатында түзүлгөн ижара (субижара) келишимдерине ылайык өндүрүштүк активдердин: имараттардын, жайлардын, унаа каражаттарынын ижарасы үчүн төлөө боюнча чыгымдар кирет.

**- СТАТЬЯ “ТРАНСПОРТТУК КЫЗМАТТАР” – 2.2.1.4.**

2214 Унаа менен тейлөө кызматтарына өз керектөөлөрүн камсыздоо максатында унаа кызматтарын, анын ичинде унаа каражаттарын жалдоо: жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча кызматтар, кызматтагы адамдардын коомдук унаанын бардык түрлөрүндө кызматтык максатта жүрүүсү үчүн документтер менен камсыз кылуу жана башка кызматчылардын которулуштары менен байланышкан башка чыгашаларына жумшаган мекемелердин чыгымдары кирет. (22111100, 22112100 сапар чыгымдары, 22122300 фельдъегердик кызматтар кирбейт).

Чыгашаларды пландоо Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө 1 жылга чыгымдардын долбоорун республикалык, облустук жана райондук маанидеги шаарлардын мекемелеринин катышуусу менен, ал эми айылдык аймактардын чыгымдарынын долбоорун жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык бөлүмдөр аркылуу карашат.

Мында:

- аракеттеги мыйзамдарды, жана ошондой эле келээрки жылга чыгымдардын долбоорун түзүү боюнча усулдук колдонмону так сактоону камсыз кылууга;
- үнөмдөө режимин сактоого;
- өндүрүштүк көрсөткүчтөр менен пландалып жаткан жылдагы макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн бири-бирине дал келтирүүгө;
- чыгымдардын сметасынын долбоорун эсемтөөлөрүсүз жана негиздөөсүз кабыл албоогө;
- штаттык курамды комплектилегенге чейин ваканттык орундарды толтуруунун реалдуу мөөнөтүн эсепке алууга;
- эмгек акыны төлөп берүү чыгымдарынын өлчөмү аракеттеги Кыргыз Республикасынын ченемдик цукуктук актыларды көрсөтүлгөн чектен ашпоосун кароого ЖӨБ органдары милдеттүү.

Чыгымдардын долбоорун, республикалык бюджеттен бөлүнүүчү бюджеттер аралык трансферттердин жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин көлөмү каралып чыккандан соң, КР ФМ аймактык финансы башкармалыгы жана ЖӨБ аткаруучу органдары:

- Бөлүүнүчү каражаттардын көлөмү аныкташат, тиешелүү оңдоолор киргизишет;
- мекемелердин сметасы боюнча каржылоонун өлчөмү аныкташат;
- чыгымдар, бөлүк, параграф жана экономикалык статьялар боюнча Билдирүүлөрдү (Заявка) жыйынтыкташат;
- бюджеттик классификацияга ылайык, сеть, штат жана контингент боюнча көрсөткүчтөрдү жыйынтыкташат.
- атайын каражаттар сметасынын долбоору жыйынтыкташат.
- Бюджеттин киреше жана чыгаша статьяларын толук камтыган жергиликтүү бюджеттин долбооруна түшүндүрмө кат түзүшөт.

*Кирешелердин жана чыгымдардын кассалык планы*

Бюджеттерди аткаруу ЖӨБ органдары тарабынан тиешелүүлүгүнө жараша эки этапта жүзөгө ашырылат:

1) бюджетти аткаруунунн кассалык планын түзүү;

2) бюджетти кассалык аткаруу.

Кассалык план - бюджетке кассалык түшүүлөрдүн жана учурдагы бюджеттик жылда бюджеттен кассалык төлөөлөрдүн болжолун карайт. Кассалык планды түзүү

жана жүргүзүү ЖӨБ органы тарабынан жүзөгө ашырылат.

Учурдагы бюджеттик жылга бюджетти аткаруунун кассалык планы айлар боюнча бөлүнүп түзүлөт жана бюджетти кассалык аткаруу үчүн негиз болуп саналат. Бюджетти аткаруунун кассалык планы ресурстук базаны жана алдыдагы чыгашаларды эске алуу менен түзөтүүлүүгө жатат.

Өкмөт кассалык планды түзүүнүн жана жүргүзүүнүн тартибин, ошондой эле бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүлөр, бюджеттин ресурстарынын администраторлору тарабынан кассалык планды түзүү жана жүргүзүү үчүн зарыл болгон маалыматтардын курамын жана берүү мөөнөттөрүн белгилейт.

Кассалык пландар бюджеттик ресурстардын администраторлору, бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүлөр (тескөөчүлөр, алуучулар) тарабынан түзүлөт жана жыйынды кассалык планды түзүү үчүн КР ФМ жана ЖӨБ органдарына берилет.

Кассалык план функционалдык жана ведомстволук классификациянын негизинде бөлүмдөр, бөлүмчөлөр, главалар жана статьялардын негизинде түзүлөт.

Кассалык чыгашалар бекитилген кассалык пландын чектеринде бюджеттик милдеттенмелердин бекитилген лимиттерине ылайык жүзөгө ашырылат.

*Чыгымдардын сметасын түзүү жана бекитүү*

Кассалык пландын негизинде ЖӨБ органдары жумалык мөөнөттө бюджеттик жана атайын каражаттар боюнча чыгымдардын сметасын КР ФМ аймактык финансылык бөлүмдөрү менен макулдашып туруп бекитет.

**Чыгымдардын сметасы** – бюджеттик мекемелерди камсыздоого жана алардын ишмердүүлүгүн кеңейтүүгө бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын көлөмүн, максаттуу багыттарын жана кварталдык бөлүштүрүлүшүн караган негизги документ болуп саналат.

Чыгымдарды сметасы бюджеттик классификациянын экономикалык статьяларга бөлүнүүсү менен бекитилет. Сметанын оң тарабындагы колонкада «кварталдарга бөлүү менен пландаштырылган жылга бекитилди» деп белгиленет.

Чыгымдардын сметасынын бир экземпляры тиешелүү мекемеге жетекчиликке алуу жана аткаруу үчүн берилет, ал эми экинчи экземпляры жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык бөлүмдөрүндө жана аймактык финансылык бөлүмдөрдө сакталат.

## 7. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕР БОЮНЧА КООМДУК УГУУЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА КОЛДОНМО

### Коомдук бюджеттик угуулар

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын главасынын 1-бөлүмүнүн 52-беренесинде «Кыргыз Республикасынын жарандары: мыйзамдар менен республикалык жана жергиликтүү маанидеги чечимдерди талкуулоого жана аларды кабыл алууга катышууга укуктуу» дел көрсөтүлгөн.

Коомдук бюджеттик угуулар - бул коомдук пикирди иликтөө, сунуштарды, сунуштамаларды алуу жана калктын кызыкчылыктарын эске алуу менен чечимдерди кабыл алуу үчүн аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси боюнча өткөрүлүүчү Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттердин түзүүнүн жана аткаруунун маселелерин ачык талкуулоо формасындагы иш-чара.

Коомдук бюджеттик угуулар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тара-

бынан Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 127-беренесине ылайык демилгеленет, уюштурулат жана өткөрүлөт.

Коомдук бюджеттик угуулар - бул бюджетти түзүү жана аткаруудагы маселелерди ачык талкулоо формасындагы иш чара, коомдун оюн билүү үчүн айыл өкмөттүн (мэриянын) демилгеси боюнча өткөрүлөт, сунуш, пикирин алуу жана калктын кызыкчылыгын эске алуу менен чечим кабыл алуу. Жергиликтүү кеңеш дагы өз алдынча коомдук угууларды өткөрүүнү демилгелөөгө укугу бар.

Жергиликтүү бюджетти түзүү боюнча коомдук бюджеттик угууларды өткөрүүнү өткөрүүнүн негизги максаты жарандардын бюджеттик процесстерге катышуусун камсыздоо, бюджетти түзүүдө коомдун оюн билүү жана эсепке алуу, жергиликтүү бюджеттик каражаттар үчүн коомдук көзөмөлдөөнү күчөтү.

КБУнун милдети бюджеттин долбоору менен калкты жана башка кызыктар тараптарды тааныштыруу жана калктын кызыкчылыгын эсепке алуу менен чечим кабыл алууда бюджеттин долбоору боюнча сунуш, пикир чогултуу.

Жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча КБУ жыл сайын 25-августан кечиктирилбестен өткөрүлөт (жергиликтүү кеңеш жергиликтүү бюджетти жактырганга чейин).

Коомдук бюджеттик угууларды уюштуруу тартиби:

- КБУну өткөрүү жөнүндө чечим аны өткөргөнгө чейин 20 күн калганда кабыл алынат;
- КБУну өткөрүүнүн датасы, убактысы, өткөрүлө турган жери аныкталат, КБУну өткөрүү жана уюштуруу боюнча жооптуу адам дайындалат (жумушчу топ түзүлөт);
- КБУну өткөрүү жөнүндө чечим, жарыя, КБУну өткөрүүгө чейин 15 күн мурун маалымдалат, КБУга материалдар КБУну өткөрүүгө чейин 10 күн мурун жарыяланат.
- КБУну өткөрүү планы кабыл алынат, КБУну өткөрүүнүн негизги этаптары, анын ичинен КБУнун материалдарын иштеп чыгуу жана чыгаруу жана КБУ боюнча маалыматтык компанияны өткөрүү.
- КБУга чейин 10 күн мурун кечиктирбестен жооптуу адам / жумушчу топ жарандарды жана башка кызыктар тараптарды КБУнун мазмунуна жараша расмий сайтка жайгаштыруу аркылуу тааныштырат жана КБУ жөнүндөгү маалыматты алдын ала бөлүштүрөт;
- КБУну өткөрүүгө 5 календардык күнгө чейин кечиктирбестен жергиликтүү бюджет боюнча айыл өкмөтү (мэрия) КБУнун катышуучуларына чакыруу жөнөтөт же КБУга катышуу жөнүндө башка ыкма менен маалымдайт.

Айыл өкмөтү (мэрия) КБУну өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алууда КБУну өткөрүүнүн датасы, убактысы, өткөрүлө турган жерин аныктайт, КБУну өткөрүү жана уюштуруу боюнча жооптуу адамды дайындайт же жумушчу топ түзөт, эгер өткөрүүнү жергиликтүү кеңеш демилгелеп жатса, анда КБУну уюштуруу жана өткөрүүгө байланышкан көрсөтүлгөн маселелерди чечүү айыл өкмөтүнө (мэрияга) тапшырууга укуктуу.

КБУну өткөрүү планында иш чаранын максаты жана милдети аныкталат.

Бюджеттик угуулардын катышуучулары жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү, жергиликтүү кеңештин депутаттары, мамлекекттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү, мекемелер, уюмдар, коомдук бирикмелердин өкүлдөрү, бейөкмөт уюмдар, тиешелүү аймактагы шаар жана айыл аймагындагы иш жүргүзгөн, ММК жана башка кызыктар тараптар болушу мүмкүн.

Жергиликтүү коомчулуктун уставдарында КБУ катышуучуларынын саны аныкталат. Эгер, жергиликтүү коомчулуктун уставдары бекитилбеген болсо, ЖӨБ органдары коомчулук менен биргеликте КБУ катышуучуларынын санын аныктай алышат. Мисалы, 70 адамдан кем эмес, же кварталдын, айылдык аймактын (шаардын) жашоочула-

рынын жарымынан көбү ж.б.

КБУ бюджеттик документ болгон долбоордун жөнөкөйлөштүрүлгөн түрүн (презентация, негизги көрсөткүчтөрдүн кыскача маалыматы) жана башка иллюстрациялык материалдарды, диаграмма, таблица, инфографика, сүрөттөрдү катышуучуларга бюджет боюнча түшүнүктүү болуш үчүн материал катары таратууга болот.

КБУ материалдарында иш чаранын максатын, бюджеттик көрсөткүчтөр жөнүндө маалыматты, каржылык жылдагы приоритеттер жана анны чечүү жолдору, программасы, датасы, жана өткөрүү ордун көрсөтүү сунушталат. Алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын веб-сайттарында КБУ өткөрүлгөнгө чейин 10 күн мурун жарыяланышы керек. Эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын веб-сайты жок болсо, анда материалдар:

1) ЖӨБ органдары аныктаган атайын көрүнүктүү орундарда (такта, стенддерде);

2) Айыл аймак, шаар, район, облустун аймагында бекитилген тартипте каттоодон өткөн жана аймакта таркатылган тиешелүү басылмаларда

3) Жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын, же КРнын облустагы Өкмөттүн ыйгарым укукту өкүлчүлүктөрүнүн, жергиликтүү өз алдынча бакшаруу иштери боюнча мамлекеттик органдын, же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциациясы жана жергиликтүү коомчулуктун союзунун веб-сайттарында чагылдырылат.

КБУнун катышуучуларынан жергиликтүү бюджет боюнча сунуштарды жана талаптарды жазуу түрүндө кабыл алуу үчүн атайын сунуштар жана талаптар боюнча бланкаларды колдонууга болот. Бланктар катышуучуларга каттоо убагында таратылып берилип, угуулардын аягында чогултулуп алынат. Маалыматтык кампанияны жүргүзүүнүн негизги максаты боло турчу КБУ жана анын жыйынтыктары боюнча маалыматтар таркатуу болуп саналат.

Жооптуу тараптар ( жумушчу топ) маалыматтык кампаниянын материалдарын иштеп чыгат. Маалыматтык материалдар болуп кулактандыруулар, журналисттер үчүн пресс-релиздер, чакыруу баракчалары, баннерлер, коомдук ждайлардагы афишалар, ММК кулактандыруулар ж.б. саналат.

КБУ катышууну каалагандарга кирүүгө чек коюлбайт.

**КБУ өткөрүү тартиби**

КБУ өткөрүүнүн алдында ЖӨБ аткаруучу органы катышуучулардын аты жөнү, иштеген жери жана контакттарын көрсөтүү менен каттоодон өткөрөт.Каттоо учурунда КБУ катышуучуларына таркатуучу материалдар берилет. ЖӨБ аткаруучу органы КБУ катышуучуларын алдын ала каттоону кошумча уюштурууга укуктуу.

КБУ өткөрүү регламенти жана сунуштарды жазуу түрүндө кабыл алуу эрежеси бекитилет. Программага ылайык сөз ЖӨБ органдарынын өкүлүнө, докладчике/презентаторго берилет.

- докладчик/презентатордун сөзүнөн кийин регламентке ылайык угуунун катышуучуларына чыгып сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берилет.
- АӨ (мэрия) протоколдойт жана жыйынтыктоочу документтерди даярдайт.

КБУ өткөрүлгөндөн кийин 7 жумушчу күндүн ичинде ЖӨБ аткаруучу органы түшкөн сунуштарды карап, коомчулуктун сунуштарын эске алуу менен жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгат жана КБУнун протоколдору менен биргеликте жергиликтүү кеңешке макулдашууга берет.

Мындан соң жооптуу тарап (жумушчу топ) КБУнун катышуучуларына кабыл алынган чечимдер жана жыйынтыктар боюнча маалыматтарды жиберет. Мында түрдүү ыкмалар менен маалыматтар жайылтылат: оозеки маалыматтар, маалыматтык доскага жайгаштыруу, ММК маалыматтарды таркатуу, интернет публикациялар жана башка ыкмалар.

# ТИРКЕМЕ 1

## Жергиликтүү бюджеттин коду

| № | КОД | АЙЫЛДЫК АЙМАК-ТАРДЫН (ШААР БАШКАРМАЛЫК-ТАРЫНЫН) АТАЛЫШТАРЫ |
|---|---|---|
| | 41702 000 000 00 0 | ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ |
| | | |
| | 41702 205 000 00 0 | АК-СУУ РАЙОНУ |
| 1 | 41702 205 510 00 0 | ЖЫРГАЛАҢ |
| 2 | 41702 205 805 00 0 | АК-БУЛУН |
| 3 | 41702 205 807 00 0 | БӨРҮ-БАШ |
| 4 | 41702 205 812 00 0 | КАРА-ЖАЛ |
| 5 | 41702 205 813 00 0 | КАРАКОЛ |
| 6 | 41702 205 818 00 0 | КЕРЕГЕ-ТАШ |
| 7 | 41702 205 825 00 0 | БОЗ-УЧУК |
| 8 | 41702 205 832 00 0 | ОКТЯБРЬ |
| 9 | 41702 205 835 00 0 | ОТРАДНОЕ |
| 10 | 41702 205 840 00 0 | АК-ЧИЙ |
| 11 | 41702 205 844 00 0 | ТЕПКЕ |
| 12 | 41702 205 848 00 0 | ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА |
| 13 | 41702 205 850 00 0 | ЧЕЛПЕК |
| 14 | 41702 205 852 00 0 | ЭҢИЛЧЕК |
| | | |
| | 41702 210 000 00 0 | ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ |
| 15 | 41702 210 805 00 0 | АК-ДӨБӨ |
| 16 | 41702 210 810 00 0 | АК-ШЫЙРАК |
| 17 | 41702 210 815 00 0 | БАРСКООН |
| 18 | 41702 210 820 00 0 | ДАРКАН |
| 19 | 41702 210 825 00 0 | ЖАРГЫЛЧАК |
| 20 | 41702 210 830 00 0 | ЖЕТИ-ӨГҮЗ |
| 21 | 41702 210 835 00 0 | ЫРДЫК |
| 22 | 41702 210 840 00 0 | ЛИПЕНКА |
| 23 | 41702 210 845 00 0 | ОРГОЧОР |
| 24 | 41702 210 850 00 0 | КЫЗЫЛ-СУУ |
| 25 | 41702 210 855 00 0 | САРУУ |
| 26 | 41702 210 860 00 0 | СВЕТЛАЯ ПОЛЯНА |
| 27 | 41702 210 862 00 0 | ТАМГА |
| | | |
| | 41702 215 000 00 0 | ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ |
| 28 | 41702 215 610 00 0 | ЧОЛПОН-АТА |
| 29 | 41702 215 805 00 0 | АНАНЬЕВО |
| 30 | 41702 215 808 00 0 | БОСТЕРИ |
| 31 | 41702 215 810 00 0 | САДЫР-АКЕ |
| 32 | 41702 215 815 00 0 | КАРА-ОЙ |
| 33 | 41702 215 820 00 0 | КУМ-БЕЛ |
| 34 | 41702 215 825 00 0 | СЕМЕНОВ |
| 35 | 41702 215 830 00 0 | ТАМЧЫ |
| 36 | 41702 215 835 00 0 | АБДРАХМАНОВ |
| 37 | 41702 215 840 00 0 | ТЕМИРОВ |
| 38 | 41702 215 845 00 0 | ТОРУ-АЙГЫР |
| 39 | 41702 215 850 00 0 | ӨРҮКТҮ |
| 40 | 41702 215 855 00 0 | ЧОҢ-САРЫ-ОЙ |
| | | |
| | 41702 220 000 00 0 | ТОҢ РАЙОНУ |
| 41 | 41702 220 510 00 0 | КАЖЫ-САЙ |
| 42 | 41702 220 805 00 0 | АК-ТЕРЕК |
| 43 | 41702 220 806 00 0 | КӨЛ-ТӨР |
| 44 | 41702 220 807 00 0 | КӨК-МОЙНОК |
| 45 | 41702 220 808 00 0 | БОЛОТ МАМБЕТОВ |
| 46 | 41702 220 810 00 0 | КҮН-ЧЫГЫШ |
| 47 | 41702 220 815 00 0 | ТОҢ |
| 48 | 41702 220 820 00 0 | ТӨРТ-КҮЛ |
| 49 | 41702 220 825 00 0 | УЛАХОЛ |
| | | |
| | 41702 225 000 00 0 | ТҮП РАЙОНУ |
| 50 | 41702 225 510 00 0 | АК-БУЛУҢ |
| 51 | 41702 225 810 00 0 | АРАЛ |
| 52 | 41702 225 815 00 0 | ЫСЫК-КӨЛ |
| 53 | 41702 225 835 00 0 | КУТУРГУ |
| 54 | 41702 225 841 00 0 | МИХАЙЛОВКА |
| 55 | 41702 225 847 00 0 | ТОГУЗ-БУЛАК |
| 56 | 41702 225 865 00 0 | САНТАШ |
| 57 | 41702 225 870 00 0 | САРЫ-БУЛАК |
| 58 | 41702 225 873 00 0 | АК-БУЛУН |
| 59 | 41702 225 876 00 0 | ТАЛДЫ-СУУ |
| 60 | 41702 225 883 00 0 | КАРАСАЕВ |
| 61 | 41702 225 889 00 0 | ТҮП |
| 62 | 41702 225 893 00 0 | ЧОҢ-ТАШ |
| | | |
| | 41702 410 000 00 0 | КАРАКОЛ |
| 63 | 41702 410 100 00 0 | КАРАКОЛ |
| | | |
| | 41702 420 000 00 0 | БАЛЫКЧЫ |
| 64 | 41702 420 100 00 0 | БАЛЫКЧЫ |
| | | |
| | 41703 000 000 00 0 | ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ |
| | | |
| | 41703 204 000 00 0 | АЛА-БУКА РАЙОНУ |
| 65 | 41703 204 804 00 0 | АК-КОРГОН |
| 66 | 41703 204 806 00 0 | АК-ТАМ |
| 67 | 41703 204 808 00 0 | АЛА-БУКА |
| 68 | 41703 204 827 00 0 | КӨК-СЕРЕК |
| 69 | 41703 204 847 00 0 | ӨРҮКТҮ |
| 70 | 41703 204 850 00 0 | 1-МАЙ |
| 71 | 41703 204 855 00 0 | ЫЗАР |
| 72 | 41703 204 856 00 0 | КӨК-ТАШ |

| № | КОД | АЙЫЛДЫК АЙМАК-ТАРДЫН (ШААР БАШКАРМАЛЫК-ТАРЫНЫН) АТАЛЫШТАРЫ |
|---|---|---|
| | | |
| | 41702 207 000 00 0 | БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ |
| 73 | 41703 207 808 00 0 | АКМАН |
| 74 | 41703 207 812 00 0 | БАЗАР-КОРГОН |
| 75 | 41703 207 815 00 0 | БЕШИК-ЖОН |
| 76 | 41703 207 826 00 0 | АРСТАНБАП |
| 77 | 41703 207 832 00 0 | КЫЗЫЛ-ҮҢКҮР |
| 78 | 41703 207 842 00 0 | МОГОЛ |
| 79 | 41703 207 856 00 0 | СЕЙДИКУМ |
| 80 | 41703 207 857 00 0 | ТАЛДУУ-БУЛАК |
| 81 | 41703 207 859 00 0 | КЕҢЕШ |
| | | |
| | 41703 211 000 00 0 | АКСЫ РАЙОНУ |
| 82 | 41703 211 610 00 0 | КЕРБЕН |
| 83 | 41703 211 804 00 0 | АК-ЖОЛ |
| 84 | 41703 211 808 00 0 | АВЛЕТИМ |
| 85 | 41703 211 813 00 0 | ЖАҢЫ-ЖОЛ |
| 86 | 41703 211 824 00 0 | АК-СУУ |
| 87 | 41703 211 832 00 0 | КАРА-ЖЫГАЧ |
| 88 | 41703 211 836 00 0 | КАШКА-СУУ |
| 89 | 41703 211 842 00 0 | КОШ-ДӨБӨ |
| 90 | 41703 211 849 00 0 | КЫЗЫЛ-ТУУ |
| 91 | 41703 211 857 00 0 | КАРА-СУУ |
| 92 | 41703 211 860 00 0 | ЖЕРГЕ-ТАЛ |
| 93 | 41703 211 863 00 0 | НАЗАРАЛИЕВ |
| | | |
| | 41703 215 000 00 0 | НООКЕН РАЙОНУ |
| 94 | 41703 215 610 00 0 | КОЧКОР-АТА |
| 96 | 41703 215 804 00 0 | АРАЛ |
